# ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ҮЧҮН ЭКСТРЕМИСТТИК ИШКЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ БОЮНЧА ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНМО

Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 2026-ж.

Практикалык колдонмо Кыргыз Республикасында экстремизмге натыйжалуу каршы аракеттенүү жана коомдук коопсуздукту чыңдоо багытында укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана башка биргеликте иш алып барган түзүмдөрдүн квалификациясын жогорулатууга арналган.

Колдонмо Кыргыз Республикасындагы БУУнун Өнүктүрүү Программасынын колдоосу алдында Prevention Media коомдук фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен кызматташтыкта даярдалган. Автордук жамаат: Самат Осмонов, Кубанычбек Орузбаев, Лейла Сыдыкова, Назгуль Сулайманова, Алмаз Исманов. Кыргызча которгон Кубат Чекиров.

Колдонмонун  аталышын же активдүү шилтемени/гипершилтемени көрсөткөн учурда гана колдонмону эркин пайдаланууга уруксат берилет.

Бул басылмада берилген ойлор Бириккен Улуттар Уюмунун, Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасынын, анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз-караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын же алардын чек-араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз-караштарды чагылдырбайт.

# МАЗМУНУ


**6/11**

**Экстремизм маселесинин актуалдуулугу**

Социалдык-экономикалык аспектилер

Саясий, идеологиялык аспектилер

Этникалык, диний аспектилер

**12/22**

**Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылар**

Эл аралык ченемдик укуктук актылар

Улуттук ченемдик укуктук актылар

Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү

**23/27**

**Санарип мейкиндигиндеги экстремизм**

Социалдык медиа үгүт жана контрүгүт куралы катары

Санариптик платформалар аркылуу жалдоо

Экстремисттик ишмердикке каршы турууда ИИнин ролу

# 28/37

**Экстремизмди алдын алуунун ыкмалары жана инструменттери**

Жергиликтүү жамааттар менен өз ара аракеттенүү

Жаштар менен жүргүзүлгөн түшүндүрүү жана алдын алуу иштери

Экстремизмге каршы аракеттенүүдө медианын ролун чагылдыруу

# 38/39

**Экстремизмди алдын алуу жаатындагы практикалык сунуштар**

Экстремизмдин белгилери жана аларды эрте аныктоо ыкмалары

Алдын алуу иш-чараларды өткөрүүнүн методикасы

# 40/43

**Тиркемелер**

Онлайн ресурстардын тизмеси

Глоссарий

# Экстремизм маселесинин актуалдуулугу

Экстремисттик ишмердик адамдардын жашоосуна олуттуу таасир этет. Көп сандаган адам курмандыктарына, адамдардын мамлекеттин жана анын органдарынын туруктуулугуна болгон ишениминин кетишине, ар кандай этностук жана диний топтордун ортосундагы чагым чыр-чатактарга, ошондой эле коомдо сабырсыздыктын жана жек көрүүнүн зыяндуу идеологиясынын жайылышына алып келген анын зордук-зомбулук формалары өзгөчө коркунучту жаратат.

БУУнун Башкы катчысынын 2015-жылдын декабрындагы согушчул экстремизмди алдын алуу боюнча иш-аракеттер планын сунуштаган баяндамасында бул көрүнүшкө төмөндөгүчө терең баа берилген:

> **“** ***Согушчул экстремизм Бириккен Улуттар Уюмунун максаттарына жана принциптерине каршы келет. Ал тынчтыкты жана коопсуздукту, адам укуктарын жана туруктуу өнүгүүнү бузат. Анын кесепеттеринен бир дагы өлкө же аймак сакталган эмес***

**КРдин Улуттук коопсуздук концепциясына ылайык** (2021) тышкы коркунучтар ”эл аралык террористтик, экстремисттик уюмдардын кылмыштуу жана туруксуздаштыруучу умтулуулары“, ”Интернет тармагында азгырма-пропагандалык ишмердиктин күчөшү“, ошондой эле ”чет өлкөлүк диний экстремизмдин жана салттуу эмес диний агымдардын Кыргыз Республикасына зыяндуу идеологияны алып кирип жайылткан активдүү ишмердүүлүгү“ кирсе, ал эми ички коркунучтарга – ”Кыргызстанда радикалдуу диний агымдардын кеңейиши жана конфессиялар аралык карама-каршылыктардын курчушу, анын ичинде улуттар аралык, конфессиялар аралык чыр-чатактардын көбөйүшү…“ жана ”ички террористтик жана экстремисттик жашыруун уюмдардын ишмердүүлүгү…“ киргизилген.

Бул чөйрөдөгү түшүнүктөрдүн көп түрдүүлүгүнө көңүл буруу керек: радикализм; экстремизм; зомбулуктуу экстремизм жана согушчул экстремизм (БУУнун резолюцияларында колдонулат); экстремизм – саясий, идеологиялык, этникалык, диний, диний-саясий, жаштар аралык, маалыматтык; зомбулуктуу экстремизм жана терроризмге түрткөн радикалдашуу (ЕККУнун документтеринде колдонулат) жана башкалар. Бул экстремизмдин табияты боюнча өтө татаал жана көп кырдуу коомдук көрүнүш экендиги менен түздөн-түз байланыштуу.

Экстремизмди сүрөттөгөн терминдердин ар түрдүүлүгүнө карабастан, эл аралык эксперттик чөйрөдө бул көрүнүштүн келип чыгуу жана өнүгүү логикалык ырааттуулугу жөнүндө жалпы түшүнүк бар. Жалпысынан схема төмөнкүдөй көрүнөт: **экстремисттик идеология – экстремизм – экстремисттик ишмердик.**

Экстремизм резонанстык мүнөздөгү кылмыштардын катарына кирет. Анткени, жасаган адамдар аны жашырышпайт, тескерисинче, топтолгон агрессияны ачык көрсөтүп, коомго каршы чыгууга аракет кылышат. Мындай аракеттер зомбулук жана ырайымсыздык менен коштолушу мүмкүн. Экстремизм башкача көз караштагы жана идеологиялык ишенимдеги адамдарды таптакыр четке кагуу менен байланыштуу, анын тарапкерлери бардык каражаттарын жумшап күрөшүп, күч колдонгондон да кайра тартышпайт. Бул коомдук, саясий же диний чөйрөдөгү чектен чыккан көз караштар жана аракеттер конституциялык түзүлүштүн негиздерин күч менен өзгөртүүгө, коомдук тартипти жана жарандардын мыйзамдуу укуктарын бузууга багытталган.

**Европа Кеңешинин** Парламенттик ассамблеясы экстремизм түшүнүгүн биринчи жолу 2003-жылдагы резолюцияда аныктаган, анда экстремизм парламенттик демократиянын принциптерин четке каккан жана ээнбаш, бөлүп жаруучу, ксенофобия, антисемитизм жана ашынган улутчулдук идеологиясына жана практикасына негизделген саясий ишмердиктин формасы катары сунушталган. ”“

2017-жылы ШКУнун экстремизмге каршы багытталган экинчи конвенциясы **– Шанхай Кызматташтык Уюмунун экстремизмге каршы күрөшүү боюнча кызматташтык конвенциясы** иштелип чыгып, кабыл алынган. Практикалык көз караштан алганда ага маанилүү жаңылыктар киргизилген: ”экстремизм“ түшүнүгү: *”экстремизм – саясий, социалдык, расалык, улуттук жана диний чыр-чатактарды зомбулук жана конституцияга каршы аракеттер менен чечүүгө багытталган идеология жана практика“* деп анын идеологиялык компонентин кошуу аркылуу кеңейтилген; **”экстремисттик акт“** деген жаңы түшүнүк киргизилген.

Глобалдашуу мамлекеттик чек араларда жылчыктардын көбөйүшүнө алып келет. Экономикалык себептерден жана куралдуу кагылышуулардан улам келип чыккан мыйзамсыз миграция көптөгөн өлкөлөрдө жашоонун калыптанып калган тартибин өзгөртөт. Бул көбүнчө коомдук наразылыкты жаратат, ал эми тийиштүү коопсуздук чараларынын жоктугу зыяндуу идеологиялардын кирип кетишине өбөлгө түзөт.

Муну менен катар санариптик трансформация коомдук прогресске дем бергенден башка жаңы тобокелдиктерди да жаратат - санариптик маалыматтык технологиялар радикалдык пропаганданын куралына жана аралыктан азгыруунун эффективдүү механизмине айланууда.



**Глобалдык экстремизм** - бул эл аралык экстремисттик топтордун иштешин, ошондой эле радикалдык идеологияга негизделген террордук уюмдардын кылмыштуу ишмердүүлүгүн камтыган экстремисттик көрүнүштөрдүн улуттук чек аралардан чыгып кетиши.

Глобалдык экстремизм жалпы дүйнөлүк көрүнүш катары мамлекеттерге алардын аймактарында өз структураларын түзүү, жек көрүүгө жана кастыкка негизделген өз идеологиясын орнотуу жана жайылтуу аркылуу таасир этүүгө аракет кылат.

Мунун баары бүткүл дүйнөгө реалдуу коркунуч болуп саналат, ага каршы күрөшүү үчүн мамлекеттердин макулдашылган аракеттери талап кылынат, алар каршы туруунун жаңы стратегияларын иштеп чыгууда биригиши керек. Мында БУУ тарабынан колдоо маанилүү ролду ойнойт, анын Контртерроризм башкармалыгы БУУнун зомбулуктуу экстремизмди алдын алуу боюнча системасынын башкы координациялык борбору болуп саналат жана мүчө мамлекеттерге зомбулуктуу экстремизмди алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча улуттук жана аймактык стратегияларды иштеп чыгууга көмөктөшөт.

Чет өлкөлүк террорист-жалданмалардын аймактык чыр-чатактарга катышуусу (Сирия, Ирак 2012-2022) дагы көйгөйлөрдүн масштабын көрсөтүп, жаңы чыр-чатактардын күчөшүнө алып келет.



**Аймактык экстремизм** айрым мамлекеттердин деңгээлинде көбүнчө жергиликтүү чыр-чатактардын жүрүшүндө бийликти басып алуу, улуттук жана диний кастыкты жана араздашууну тутандыруу, ошондой эле калк арасында сепаратисттик маанайды жаратуу түрүндө көрүнөт.

Аймактык экстремизм адамдардын коомдо калыптанган, сырттан келген, ошондой эле анын ичинде пайда болгон идеологиялык же саясий түшүнүктөрүнүн негизинде түзүлөт. Коомдогу терс маанайдын калыптанышы жашоо деңгээлинин төмөндөшү жана жумушсуздук менен гана эмес, ошондой эле мамлекеттик башкаруунун начарлашы, натыйжалуу укуктук камсыздоонун жоктугу, мамлекеттин бирдиктүү идеологиясынын жоктугу менен да байланыштуу, булар келечекте коопсуз калуу жана социалдык белгисиздик сезимдерин жаратат.



## Социалдык-экономикалык аспектилер

Социалдык-экономикалык фактор коомдо экстремисттик көз караштардын калыптанышында маанилүү факторлордун бири болуп саналат, анткени ал жашоо деңгээлинин төмөндүгүнө жана социалдык адилетсиздикке болгон нааразылыкка негизделген. Мындай көз караштар айрым адамга, жергиликтүү жамааттарга жана бирикмелерге карата да, ошондой эле жалпысынан коомдун же мамлекеттин институттарын четке кагуу түрүндө да калыптанышы мүмкүн. Экстремизмдин пайда болушунда жана өнүгүшүндө бул фактордун ролун азайтуу үчүн ар бир мамлекеттин өкмөтү жарандардын татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылууга жөндөмдүү темп менен экономиканы өнүктүрүүсү, мыйзам үстөмдүгүн колдоосу жана адам укуктарынын кепилденген сакталышын камсыз кылуусу зарыл.

Белгилей кетсек, калктын жашоо деңгээлинин өтө төмөн болушу айрым радикалдык топтордун гана эмес, күн тартиби жана аракет мүнөзү окшош масштабдуу нааразычылык акцияларынын келип чыгышына да алпарышы мүмкүн. Курч социалдык-экономикалык көйгөйлөр алып келиши мүмкүн болгон мындай кесепеттерге Жакынкы Чыгыштын, Батыш жана Түштүк Азиянын, Түштүк Американын айрым өлкөлөрүндөгү окуялар мисал боло алат.

## Саясий, идеологиялык аспектилер



**Идеологиялык экстремизм** экстремисттик идеологияга негизделген көрүнүш катары – жалпы кабыл алынган ченемдерге жана жүрүм-турум эрежелерине өтө чыдамсыздык же идеялардын кастыгы. Бул аспект куралдуу кагылышуулардын, ошондой эле системалуу экономикалык санкциялардын кеңейишинен улам дүйнөдөгү күчтөрдүн жана таасир этүү чөйрөлөрүнүн өзгөрүшүнүн фонунда орун алат, бул өз кезегинде колдонулган идеологиялык ресурстардын өнүгүшүнө жана кайра топтолушуна алып келет. Ошентип, агрессивдүү саясий идеология калыптанат, анын жактоочулары мамлекеттүүлүктүн негиздерин алсыратышы мүмкүн. Демек, социалдык бакубаттуулук жана адам укуктары идеологиялык манипуляциянын предмети болуп калышы ыктымал. Мамлекет калк менен идеологиялык иштин формаларын жана ыкмаларын (өзгөчө жаштарга көңүл буруп) тынымсыз өркүндөтүп, аны кастык жана зомбулук жүрүм-турумуна негизделген идеологиялык экстремизмге каршы туруунун куралы катары колдонушу керек.



## Этникалык, диний аспектилер

**Этникалык экстремизм** жалпы аймакта чогуу жашаган башка элдерге карата жек көрүүчүлүктү жана кастыкты козутуу аркылуу улуттук араздашууну жаратууга багытталган. Адатта, мындай адамдар өзгөчөлүгүн жана үстөмдүгүн баса белгилеп, ошол эле учурда башка адамдардын улуттук таандыгынын негизинде укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуу менен өздөрүн башка улутка каршы коюшат.

Бул башка расалардын, этностордун жана улуттардын өкүлдөрүнө карата болгон агрессияда жана зомбулук аракеттеринде көрүнөт, басып алуу жана алардын үстүнөн үстөмдүк кылуу максатында тездик менен жайылып, коом үчүн чоң коркунуч туудурушу мүмкүн.



**Диний экстремизм** башка диндердин жана ишенимдердин өкүлдөрүнө карата келишпес идеологияга негизделген жана өтө радикалдуу көз караштар жана агрессивдүү аракеттер менен айырмаланат.

Мындай топтордун максаты, адатта, элдешүүгө мүмкүн болбогон карама-каршылыкта турган башка диний конфессияларды басуу болуп саналат, көбүнчө мажбурлоонун радикалдуу чараларын колдонушат.

Диний экстремизмдин агрессивдүү мүнөзү бийликти күч менен басып алуу же мамлекеттик түзүлүштү алардын көз караштарына жана мамлекеттик башкаруу жөнүндөгү түшүнүктөрүнө ылайык өзгөртүү боюнча акцияларда көрүнөт. Мындай көз караштарды жактагандар ксенофобияга жана фанатизмге жакын болушат, бул профилактикалык чараларды ишке ашырууну кыйла татаалдаштырат.

Диний экстремизм саясий мамилелер чөйрөсүнө да өтүп кетиши мүмкүн. Ошондуктан коомдо мамлекеттин светтик мүнөзүнө байланыштуу маселелер келип чыгат. **КРдин Конституциясынын 1-беренесинде** Кыргызстан - көз карандысыз, эгемендүү, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет деп белгиленген. Мамлекет динди бийликтен бөлүп, диний эмес, жарандык негизде курулат жана ошону менен дин тутууга бийликтин бейтарап мүнөзүн жарыялайт.



**"Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө"** КРдин мыйзамынын 4-беренесинде (2025) Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынбайт деп белгиленген. Ошол эле учурда ар бир адамга абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укук кепилденет, башкача айтканда, бардык диндер мыйзам алдында тең жана жарандар аны тандоодо эркин же атеист боло алышат. Аталган мыйзамдын 5-беренесинде дин тутуу эркиндиги жаатындагы мамлекеттин саясаты төмөнкү принциптердин негизинде курулары белгиленген:

- Диний уюмдардын диний окуулары жарандар үчүн милдеттүү түрдө белгиленбейт.
- Бардык диндер жана диний уюмдар мыйзам алдында тең.
- Мамлекет менен диний уюмдардын өз ара мамилелери алардын руханий, маданий, мамлекеттик жана улуттук каада-салттарды калыптандырууга тийгизген таасирин эске алуу менен мыйзам тарабынан жөнгө салынат.

Бирок коомдо радикалдуу диний жоромолдорду саясий жана социалдык максаттарда пайдалануу учурлары болушу мүмкүн. Диний экстремизм конфессиялар аралык жана улуттук мамилелерге от жагып, бузушу мүмкүн. Анын жактоочулары конфессиялар аралык мамилелерди кабыл алышпайт, четке каккан мамиле кылышат, кээде саясий экстремизмге өтүшөт. Диний экстремизмдин негизги өзөгүн жакшы жашоо издеп, ар кандай диний агымдарга тартылган калктын бир бөлүгү түзөт.

Бул көрүнүштөр бириккенде анын негизинде этнорелигиоздук экстремизм пайда болушу мүмкүн, аны этникалык жана диний компоненттер мобилизациялоочу идеология жана субъективдүү аракеттер менен тыгыз байланышта болгон учурда, топтук максаттарга жетүү боюнча аракеттердин аша чапкан учурлары жана ыкмалары катары кароо керек.

# Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылар

Бул чөйрөдөгү эл аралык ченемдик укуктук актылар өздөрүнүн өзгөчөлүгүнө жараша эки топту түзөт. Биринчиси адам укуктарын жарыялаган жана юридикалык жактан бекиткен актыларды камтыйт. Экинчи топко мамлекеттердин экстремисттик ишмердикке каршы күрөшүү боюнча практикалык аракеттеринин негизи болуп кызмат кылган резолюциялар, конвенциялар, макулдашуулар жана келишимдер кирет.

> ***Тарыхый планда алганда, эң алгачкысы жана экстремизмге каршы күрөшүү максаты үчүн бир кыйла маанилүүсү болуп БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган жана бүгүнкү күнгө чейин өзгөрүүсүз иштеп жаткан Адам укуктарынын жалпы декларациясы саналат.***

Декларациянын 2-беренесинде экстремисттик уюмдардын өздөрүнүн аракеттерине кандайдыр бир мыйзамдуулук берүү аракетин алдын ала жана толугу менен жокко чыгарган жоболор камтылган, анткени анда: “Ар бир адам эч кандай айырмачылыгына, расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук жана социалдык тегине, мүлктүк, тек-жайлык же башка абалына карабастан ушул Декларацияда жарыяланган бардык укуктарга жана бардык эркиндиктерге ээ болууга тийиш. Мындан тышкары, адам таандык болгон өлкө же аймак көз карандысыз, көзөмөлдүк астында турган, өз алдынча башкарылбаган же суверенитети кандайдыр бир башкача чектелгендигине карабастан анын саясий, укуктук же эл аралык статусунун негизинде эч кандай айырмачылык болбоого тийиш“,-деп айтылат.




**Башка эл аралык ченемдик актылар:**

- Расалык дискриминациянын бардык түрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенция (1965), экстремисттик иштин конкреттүү мотивине тиешелүү.

- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (1966), башкалар менен катар ой жүгүртүү, абийир жана дин эркиндигине, жеке кол тийбестикке укуктарды белгилеген жана аларды кылмыштуу кол салуулардан коргогон жоболорду камтыйт.

- Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө конвенция (1950), расасы, терисинин түсү, тили, дини, улуттук жана социалдык теги, улуттук азчылыктарга таандыгы боюнча укуктарды жана эркиндиктерди пайдаланууда дискриминацияга жол бербейт.

- Диндин же ишенимдин негизинде болгон сабырсыздыктын жана дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларация (1981), мамлекеттерге динге же ишенимге негизделген дискриминацияны алдын алуу жана жоюу боюнча натыйжалуу чараларды көрүүнү тапшырат.

Эл аралык укуктук актылардын практикалык мааниси экстремизмди инсандын ажырагыс укуктарын бузуу менен байланыштырып, укук коргоо органдарына экстремисттик багыттагы кылмыштарды алдын алуу, ошондой эле тергөө боюнча чараларды көрүү үчүн укуктук негизди камсыз кылат.

Эгерде экстремисттик мүнөздөгү окуялардын баштапкы булактарына тереңирээк көз чаптырсак, анда бул көрүнүштүн төмөнкү ырааттуулугу дайыма көрүнүп турат:

**радикалдашуу > экстремизм > терроризм.**

Бул түшүнүктөрдүн өз ара байланышын, алардын ортосундагы чек аралардын бүдөмүктүгүн жана терроризм өзүнчө термин катары көптөн бери сүрөттөлүп келгенине карабастан, илимий жана укуктук көз караштан алганда экстремизмдин өтө чектен чыккан көрүнүшү экенин эске алуу керек.

БУУнун Терроризмге каршы башкармалыгы ”терроризм үчүн азык чөйрөсү болгон зомбулуктуу экстремиздин өсүшүнө каршы туруууга“ басым жасайт, ал эми ЕККУнун документтеринде ”зомбулуктуу экстремизм жана терроризмге алып баруучу радикалдашуу“ түшүнүгү колдонулат.

**Экинчи топко БУУ тарабынан кабыл алынган глобалдык деңгээлдеги укуктук актылар кирет:**

- Аба кемесинин бортунда жасалган кылмыштар жана башка айрым актылар жөнүндө конвенция (1963), аба кемесинин коопсуздугуна коркунуч келтире турган кылмыштарга жана актыларга карата колдонулат.
- Аба кемелерин мыйзамсыз басып алууга каршы күрөшүү жөнүндө конвенция (1970).
- Жарандык авиациянын коопсуздугуна каршы багытталган мыйзамсыз актыларга каршы күрөшүү жөнүндө конвенция (1971).
- Барымтага алууга каршы күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (1979).
- Эл аралык терроризмди жоюу боюнча чаралар жөнүндө декларация (1994).
- Бомбалык терроризмге каршы күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (1997).
- Терроризмди каржылоого каршы күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (1999).





2006-жылы БУУга мүчө мамлекеттер тарабынан БУУнун Глобалдык терроризмге каршы күрөшүү стратегиясы кабыл алынган, анда терроризмге каршы жеке жана жамааттык күрөшүүнүн жана анын пайда болушуна өбөлгө түзгөн шарттарды жоюунун жалпы ыкмалары макулдашылган (БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2006-жылдын 8-сентябрындагы №60/288 резолюциясы).

Белгилей кетсек, ошол кездеги кабыл алынган резолюция жана иш-аракеттер планы бардык мүчө мамлекеттер терроризмге каршы күрөшүү боюнча жалпы стратегиялык ыкмага макул болушкан, мындай актыларды иштеп чыгуучулар жана аткаруучулар кандай максаттарды көздөбөсүн, терроризмди анын бардык формаларында жана көрүнүштөрүндө айыпташкан, ошондой эле терроризмди алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча токтоосуз чаралардын тизмеси каралган тарыхтагы биринчи учур болгон. Ошол эле учурда, мамлекеттердин алдындагы милдеттердин бири болуп ”тынчтык, адилеттүүлүк жана адамдын өнүгүүсү, этникалык, улуттук жана диний сабырдуулук маданиятын колдоо жана бардык диндерди, диний баалуулуктарды жана ишенимдерди урматтоо же шартка жараша коомдун бардык секторлору катышкан билим берүү жана коомчулукка маалымдоо программаларын түзүү жана өнүктүрүү аркылуу жайылтуу“ турган.

Ошондой эле Европа Кеңешинин 1977-жылдын 27-январында кабыл алынган ”Терроризмге бөгөт коюу жөнүндө“ Европа конвенциясын белгилей кетүү зарыл. Анда террористтик багыттагы кылмыш иштерин кароодо юрисдикция маселелерине жана мындай кылмыштарга шектелген адамдарды экстрадициялоого өзгөчө көңүл бурулган. Кийинчерээк башка маанилүү укуктук актылар да кабыл алынган:

- Радикалдашууну жана азгырууларды алдын алуу стратегиясы (Европа Кеңеши, 2005), адамдарды экстремисттик топторго азгырууну алдын алууга багытталган чаралардын комплексин (мыйзам чыгаруу чаралары, социалдык программалар, ЖМКлар менен иштөө, эл аралык кызматташтык) сунуштайт.
- Терроризмге каршы күрөшүү боюнча ЕБдин стратегиясы (Европа Кеңеши, 2005), төрт негизги элементтен турат: алдын алуу, коргоо, куугунтуктоо жана жооп кайтаруу.



ЕККУ саммитинде кабыл алынган Европа коопсуздугунун Хартиясы (1999) жана Европа Кеңешинин экстремизмди алдын алуу боюнча конвенциясы (2005) да маанилүү ролду ойнойт. Бул конвенция мүчө мамлекеттердин терроризмди алдын алуу боюнча аракеттерин күчөтүү жана эл аралык документтердин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында кабыл алынган.

**ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясы бул багытта бир катар маанилүү резолюцияларды кабыл алган:**

- ”Терроризмге алып келүүчү зомбулуктуу экстремизмди жана радикалдашууну алдын алуу жана бөгөт коюу“ (2018).
- ”Чет элдик жоочу-террористтердин кайтып келиши жана которулушу менен байланышкан коркунучтар“ (2019).
- Жасалма интеллект жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча резолюция (2024).
- Билим берүү жана медиа-маалыматтык сабаттуулук аркылуу жаштардын зомбулуктуу экстремизмге жана терроризмге алып келүүчү радикалдашуусун алдын алуу боюнча резолюция (2025).

Ошону менен катар тармактык орган болгон ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын Терроризмге каршы атайын комитетинин маанилүү ролун белгилей кетүү керек.

**ШКУнун алкагында кол коюлган биринчи документтердин катарына** Терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү боюнча Шанхай конвенциясы (2001) кирген. Дал ушул документте биринчи жолу эл аралык деңгээлде экстремизмге зомбулук, кылмыш жоопкерчилигине тартылуучу аракеттер катары аныктама берилген.

2017-жылы ШКУнун экстремизмге багытталган экинчи конвенциясы – Экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча конвенция иштелип чыгып, кабыл алынган.


ШКУнун бул багыттагы маанилүү куралы болуп ШКУнун Региондук антитеррордук түзүмү (ШКУ РАТТ) саналат, анын штаб-квартирасы Ташкент шаарында жайгашкан. Бул орган мүчө мамлекеттердин компетенттүү органдарынын терроризмге, экстремизмге жана сепаратизмге каршы күрөшүүдөгү өз ара аракеттенүүсүн координациялоого, анын ичинде тиешелүү маалыматтарды талдоого жана анын негизинде терроризмге каршы күрөшүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга, кылмышкерлерди колдогон адамдар жана уюмдар жөнүндө маалыматтар базасын түзүүгө, ыкчам-издөө жана башка иш-чараларды даярдоого жана өткөрүүгө көмөктөшүүгө, ошондой эле эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүгө багытталган.

**КМШнын ченемдик актылары төмөнкүлөр:**

- КМШга катышкан мамлекеттердин терроризмге каршы күрөшүү боюнча кызматташуу жөнүндө келишими (1999);
- КМШга катышкан мамлекеттердин терроризм жана экстремизмдин башка зомбулук көрүнүштөрү менен күрөшүүдө кызматташуу концепциясы (2005);
- КМШга катышкан мамлекеттердин кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү жөнүндө келишими (2007);
- КМШга катышкан мамлекеттердин аймактарында биргелешкен тергөө-ыкчам топторун түзүү жана иштөө тартиби жөнүндө макулдашуу (2015);
- Кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого), терроризмди каржылоого жана массалык кыргын салуучу куралдарды жайылтууну каржылоого каршы аракеттенүү чөйрөсүндө КМШга катышкан мамлекеттердин кызматташуу концепциясы (2017).
- КМШнын алкагында терроризм жана экстремизмдин башка зомбулуктуу көрүнүштөрү, ошондой эле аларды каржылоо менен күрөшүү чөйрөсүндө маалымат алмашуу жөнүндө макулдашуу (2017).

Ушул ченемдик-укуктук базанын негизинде Шериктештик мамлекеттеринин биргелешкен программалары түзүлүп, мезгил-мезгили менен жаңыланып турат. Мисалга КМШга мүчө мамлекеттердин 2023-2025-жылдарга терроризм жана экстремизм менен күрөшүү боюнча кызматташуу программасын алс ак болот.

2000-жылы КМШ мамлекеттеринин башчыларынын Кеңешинин чечими менен КМШга мүчө мамлекеттердин Антитеррордук борбору түзүлүп, Жобосу бекитилген. 2002-жылы КМШ АТБ түзүмүндө Борбордук Азия региону боюнча бөлүм түзүлүп, ал Бишкек шаарында жайгашкан.




**Улуттук ченемдик-укуктук актылар**

Экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү улуттук ченемдик укуктук актыларга төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-ж.);
- КРдин улуттук коопсуздук концепциясы (2021-ж.);
- КРдин ”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ мыйзамы (2023-ж.);
- ”2023-2027-жылдарга КРдин Министрлер Кабинетинин экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасын бекитүү жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому;
- КРдин Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы № 480 ”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын айрым маселелери жөнүндө “ токтому;
- КР Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 1-февралдын №78 «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү чөй- рөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан юридикалык жактарга жана башка уюмдарга карата экстремисттик материалдарды таратууга жана экстремисттик ишти жүргүзүүгө жол берилбестигин көрсөткөн эскертмени чыгаруу тартибин бекитүү жөнүндө» токтому.

КР Конституциясында ”Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес “ **(24-берене) деп белгиленет, ал эми 32-berененин 4-бөлүгүнө** ылайык басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырган улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөөгө тыюу салынат.

Ошондой эле КР Конституциясынын 8-беренесинин 5-бөлүгүндө иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улуттар аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салынган.

Демек, КР Конституциясында анда көрсөтүлгөн ар кандай белгилер боюнча жек көрүүчүлүктү жана кастыкты козуткан аракеттерге жогорку юридикалык күчкө ээ болгон тыюу салуу камтылган.

Мамлекет экстремизмге каршы турууну ишке ашыруу үчүн негизги жоопкерчиликти алат жана ал инсанды, коомду жана мамлекетти жалпысынан коргоо боюнча зарыл чараларды өз убагында демилгелеп, бул деструктивдүү көрүнүштүн масштабына адекваттуу укуктук аракеттерди көрүшү керек.

Улуттук деңгээлде экстремисттик ишмердикке каршы турууну камсыз кылуунун проблемалуулугу КР Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №570 Жарлыгы менен бекитилген КРдин Улуттук коопсуздук концепциясында чагылдырылган, анда улуттук коопсуздук – бул инсандын, коомдун жана мамлекеттин жашоого маанилүү кызыкчылыктарынын тышкы жана ички коркунучтардан корголушунун

кепилдик кылынган абалы деп көрсөтүлгөн. Концепцияда тышкы коркунучтардын тизмегине төмөнкүлөр киргизилген:

- Эл аралык терроризмдин, диний экстремизмдин жана сепаратизмдин масштабдарынын кеңейиши, Борбор Азия өлкөлөрүндөгү террористтик жана экстремисттик көрүнүштөр жана Интернет түйүндөрүндө азгырма жалдоо жана үгүттөө ишинин күч алышы;
- Диний экстремизмдин чет өлкөлүк борборлорунун жана салттуу эмес диний агымдардын Кыргыз Республикасында бөтөн жана бузуку идеологияны импорттоо жана жайылтуу боюнча активдүү иштери.

**Ички коркунучтардын бири катары төмөн-күлөр аныкталган:**

- Ички террористтик жана экстремисттик жашыруун уюмдардын, өзгөчө терроризм жана экстремизм үчүн соттолгондордун арасында кылмыштуу иш, ошондой эле алардын криминалитет жана уюшкан кылмыштуу коомдор менен биригүүсү;
- Социалдык түйүндөрдө жана мессенджерлерде бузукулук иштин активдешүүсү, анын ичинде билип туруп жалган жана анык эмес маалыматты жайылтуу, террористтик жана экстремисттик мүнөздөгү материалдарды жайгаштыруу жана экстремисттик, террористтик уюмдардын катарына кошулуу чакырыктары.

Буга байланыштуу Концепцияда терроризмге жана экстремизмге каршы күрөшүү улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги максаттарынын бири катары аныкталган.

Кийинки документ болуп КРдин Министрлер Кабинетинин 2023-2027-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасы (2023-жылдын 15-мартындагы №141) саналат, ал КРдин Улуттук коопсуздук концепциясына ылайык иштелип чыккан жана КР Өкмөтүнүн 2017-2022-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасынын ырааттуу уландысы болуп саналат. Аталган Программа экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү маселелеринде КРдин мамлекеттик саясатын ишке ашыруунун бирдиктүү максатын, милдеттерин, негизги багыттарын жана механизмдерин аныктоого багытталган.

Программада экстремизмге жана терроризмге каршы туруу боюнча мамлекеттик саясаттын багыттары аныкталган:

- Экстремисттик жана террористтик ишмердикти жайылтууну алдын алуу жана эскертүү;
- Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын иши;
- Экстремизмге, терроризмге каршы аракеттенүү боюнча илимий-изилдөө, окуу-методикалык, маалымат базасын түзүү жана өнүктүрүү;
- Маалыматтык саясат жана жалпыга маалымдоо каражаттары жана медиа-уюмдар менен өз ара аракеттенүү;
- Экстремисттик жана террористтик идеологиялардын таасирине кирген адамдарды кайра социалдаштыруу боюнча заманбап механизмдерди жана ыкмаларды иштеп чыгуу жана киргизүү;
- Стратегиялык жана башка объекттер жана жарандар үчүн террористтик актылардын кесепеттерин минималдаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Программаны натыйжалуу ишке ашыруу максатында 2023-2027-жылдарга карата иш-чаралардын планы бекитилген, анда ар бир багыт боюнча конкреттүү милдеттер коюлган, аны ишке ашыруу боюнча аракеттер (чаралар) аныкталган, ар бир милдет

аткарылууга тийиш болгон мөөнөттөр белгиленген, милдетти аткаруунун жыйынтыгы боюнча күтүлүүчү натыйжалар, ошондой эле көрсөтүлгөн милдетти ишке ашырууга жооптуу адамдар (органдар) белгиленген.

Экстремизмге каршы туруунун негизги маселелери КРдин "Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамында (2023-жылдын 24-февралындагы №40) (мындан ары Мыйзам) чагылдырылган, ал **5 баптан жана 21 беренеден** турат жана үч негизги милдетти камтыйт:

- Экстремисттик иштин алдын алуу, аныктоо, бөгөт коюу жана ушул жосундарды жасоого өбөлгө болуучу себептерди жана шарттарды жоюу;
- Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүүчү субъекттердин мамлекеттин ичинде өз ара аракеттенүүсүн өркүндөтүү;
- Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү.

Мыйзамдын **4-беренесинде** экстремисттик иштин түшүнүгү берилген:

а) төмөнкүлөргө багытталган жосундарды пландоо, уюштуруу, даярдоо жана жасоо боюнча иш-аракеттер:

- бийликти күч менен басып алуу;
- бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар;
- сепаратисттик иш;
- куралдуу козголоң;
- расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык касташууну (араздашууну) козутуу;
- экстремисттик уюмду түзүү жана (же) анын ишине катышуу;
- экстремисттик уюмду же экстремисттик ишти каржылоо;
- экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу;
- экстремисттик материалдарды сактоо;
- экстремисттик уюмдун атрибуттарын жана символдорун пайдалануу;

б) Зомбулук менен коштолгон же Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарында ушундай деп таанылган зомбулук иш-аракеттерге алып келүүчү экстремисттик жүйөлөр боюнча башка жосундарды жасоо.

Мыйзамда экстремизмди алдын алуу боюнча бир катар чаралар да камтылган. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- **Экстремисттик материалдарды жайылтууга жол бербөө** – экстремисттик уюмдардын аудио-, видео жазууларын, басма жана башка материалдарын, сот тарабынан экстремисттик деп таанылган кандай болбосун маалыматтык материалдарды, авторлору эл аралык-укуктук актыларга ылайык тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыш жасаганы үчүн соттолгон адамдар болгон материалдарды басып чыгарууга, ташууга, жөнөтүүгө, жайылтууга жана сактоого тыюу салынат (11-берене);
- **Маалыматтык материалдарды экстремисттик деп таануу** – эстремисттик материалдардын тизмесине киргизилген маалыматтык материалдар Кыргыз Республикасынын аймагында таратылууга жатпайт. Бул маалыматтык материалдар алып салынууга, жок кылынууга же интернет тармагында аларга жеткиликтүүлүк чектелүүгө тийиш (15-берене);
- **Юридикалык жакты же башка уюмду экстремисттик деп таануу** – атрибутиксы жана/же символикасы менен кошо алганда, алар кийин соттун чечиминин негизинде мажбурланып жоюлат (18-бер);

- **Юридикалык жактардын же башка уюмдардын экстремисттик материалдарды таратууларынын жол берилбестиги жөнүндө эскертүү** – юридикалык жактар же башка уюмдар экстремисттик материалдарды тараткан же сот тарабынан экстремисттик деп таанылган уюмдардын иш-аракеттерин ачык жактырган учурда, юридикалык жактын же башка уюмдун кызмат адамдарына карата кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарда каралган тартипте тергөөгө чейинки текшерүү жүргүзүлөт.

Юридикалык жактарга жана башка уюмдарга карата экстремисттик материалдарды таратууга жана экстремисттик ишти жүргүзүүгө жол берилбестигин көрсөткөн эскертме.

Мыйзамга ылайык, **эскертме** - экстремисттик багыттагы кылмыштардын белгилери жок болгондо экстремисттик ишке каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын юридикалык жактарга жана башка уюмдарга карата чыгарылуучу, экстремисттик материалдарды жайылтуунун жана экстремисттик ишти жүргүзүүнүн жол берилбестигин көрсөтүүчү расмий документ.

Эскертменин формасы жана аны чыгаруу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-октябрындагы №524 токтому менен аныкталган.

Экстремисттик материалдарды таратуунун, сот тарабынан экстремисттик деп таанылган уюмдардын аракеттерин ачык колдоонун жана экстремисттик багыттагы кылмыштардын белгилери жок болгон учурда экстремисттик ишти жүзөгө ашыруунун жол берилбестиги жөнүндө эскертме жалпыга маалымдоо каражаттарынын жетекчисине жана (же) уюштуруучусуна, юридикалык жактын же башка уюмдун кызмат адамына чыгарылышы мүмкүн. Эскертме чыгаруу жөнүндө чечимди төмөнкүлөр кабыл алат:

- Ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси жана анын орун басарлары, ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын түзүмдүк жана аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилери жана алардын орун басарлары;

- Улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси жана анын орун басарлары, улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыкчам жана аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилери жана алардын орун басарлары.

Эгерде жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар же башка уюмдар экстремисттик материалдарды таратса же сот тарабынан экстремисттик деп таанылган уюмдардын аракеттерин ачык жактырса, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, юридикалык жактардын же башка уюмдардын кызмат адамдарына карата кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган тартипте тергөөгө чейинки текшерүү жүргүзүлөт.

Эгерде тергөөгө чейинки текшерүүнүн натыйжасында жалпыга маалымдоо каражаты, юридикалык жак же башка уюм тарабынан көрсөтүлгөн аракеттердин жүзөгө ашырылгандыгы жөнүндө маалымдар тастыкталса жана документтештирилсе, тергөөгө чейинки текшерүү материалдары өндүрүшүндө турган тергөөчү алардын көчүрмөсүн экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, массалык маалымат каражатынын жетекчисине жана (же) уюштуруучусуна, юридикалык жактын же башка уюмдун кызмат адамдарына карата жазуу жүзүндө эскертме чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн жөнөтөт.

Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мындай аракеттерге жол берилбестиги жөнүндө жазуу жүзүндө эскертме чыгарат.

Эскертме ЖМКнын, юридикалык жактын же башка уюмдун ыйгарым укуктуу адамы алган учурдан тартып жарыяланды деп эсептелет. Эскертмеде көрсөтүлгөн жол берилген бузуулар эскертме алынган күндөн тартып токтоосуз түрдө четтетилиши керек.

Эгерде жол берилген бузууларды токтоосуз четтетүүгө мүмкүн болбосо, эскертмеде аларды четтетүү үчүн эскертме алынган күндөн тартып он күндөн ашпаган кошумча мөөнөт белгиленет.

Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эскертмесине сотко даттанылышы мүмкүн. Эгерде белгиленген мөөнөттө ЖМК, юридикалык жак же башка уюм эскертүүдө көрсөтүлгөн жол берилген бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрбөсө, экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган алардын ишин токтотуу жөнүндө сотко доо арызын киргизүү маселесин кароо үчүн материалдарды прокуратура органдарына жөнөтөт.

Юридикалык жакты мажбурлап жоюу жөнүндө соттун чечиминин көчүрмөсү, юридикалык жактарды каттоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тиешелүү бөлүмүнө юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) бирдиктүү мамлекеттик реестрине жоюу тууралуу маалыматтарды киргизүү үчүн катталган жери боюнча жөнөтүлөт.

Эгерде диний уюм же чет өлкөлүк диний уюмдун миссиясы (өкүлчүлүгү) дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталган болсо, мажбурлап жоюу жөнүндө соттун чечиминин көчүрмөсү диний уюмдардын бирдиктүү реестринен чыгаруу үчүн дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтүлөт.



**Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү**

Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар катары Ички иштер министрлиги жана Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети аныкталган.

Мында ”экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу жана ишке ашыруучу“ алдынкы орган болуп Кыргыз Республикасынын ИИМ саналат.


Ошондой эле экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенген бардык субъекттер так аныкталган, бул жаатта алардын компетенциялары бекитилген. Мында экстремизмге каршы аракеттенүү жарандык сектордун өкүлдөрүнүн катышуусуз мүмкүн эмес, алар мамлекеттик деңгээлде да, облустар жана райондор деңгээлинде да өткөрүлүүчү алдын алуу иш-чараларынын субъекттери катары тартылышы керек. Бул кабыл алынган иш-чаралар планын аткарууга жана агартуу иштерине катышууга, ошондой эле экстремизмге каршы аракеттенүүнүн ар кандай багыттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (мындан ары - ЖӨБО) көмөк көрсөтүүгө тиешелүү. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун

өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу жана иш-мердүүлүгүн өркүндөтүү максатында биринчи жолу мыйзамдык деңгээлде жаңы коллегиалдуу консультативдик-кеңешүүчү орган – **Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү боюнча ведомстволор аралык комиссия** (мындан ары - ЭИКВК) түзүү каралган. ЭИКВКнын максаты, милдеттери жана иш тартиби Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү боюнча ведомстволор аралык комиссия жөнүндө жободо аныкталган (КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы №480 токтому менен бекитилген).

ЭИКВКнын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Улуттук жана эл аралык деңгээлде экстремисттик иштин тобокелдиктерине жана коркунучтарына **ар тараптуу баа берүү**;
- Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын **укук колдонуу практикасын**, сапатын жана толук ишке ашырылышын талдоо, аны өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине сунуштарды даярдоо;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле коомдук бирикмелердин жана уюмдардын экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү чөйрөсүндө **ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү маселелерин кароо** жана алардын өз ара аракеттенүүсүнүн жана координациясынын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

ЭИКВКнын ишине функцияларына экстремисттик ишке каршы аракеттенүүнү жүзөгө ашыруу кирген мамлекеттик органдардын жетекчилери жана башка кызмат адамдары, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер жана/же уюмдар, көз карандысыз эксперттер катышат.



# Санариптик мейкиндиктеги экстремизм

ЮНЕСКОнун аныктамасы боюнча, социалдык медиа – бул биринчи кезекте социалдык өз ара аракеттенүүнүн куралы. Бүгүнкү күндө алар маркетинг жана саясий же идеологиялык идеяларды илгерилетүү үчүн негизги аянтча болуп калды. Кыргызстанда 3 миллиондон ашык адам контентти керектөөчү гана эмес, активдүү жаратуучу да болуп саналат.

> *КРдин Санариптик кодекси (1-берене) пайдалануучуну санарип ресурстарына жана тутумдарга жеткиликтүүлүктү субъект катары аныктайт. ЮНЕСКОнун тактоосу боюнча, заманбап пайдалануучу – бул санариптик форматтагы медиа контентти толук кандуу өндүрүүчү экендигин тактайт.*

Глобалдык платформалар жана мессенджерлер маалыматтык чөйрөнү трансформациялап, оюндун эрежелерин түп-тамырынан бери өзгөрттү. Эгерде мурда ”күн тартибин“ этикалык стандарттары бар кесипкөй редакциялар түзсө, анда бүгүнкү күндө:

- **Алгоритмдердин бийлиги.** Маалыматтын көрүнүшү анын коомдук маанисине эмес, эмоцияга бай жана чыр-чатактуу билдирүүлөрдү алдыга жылдырган алгоритмдерге көз каранды болот;
- **Чындыктын бурмаланышы.** Алгоритмдер фактылар манипуляциялар менен аралашып, татаал маселелер ураандарга чейин жөнөкөйлөштүрүлгөн ”маалыматтык көбүктөрдү“ жаратат.
- **Фильтрлердин жоктугу.** Салттуу маалымат каражаттарынан айырмаланып, керектөөчүнүн мазмуну редакциядан жана модерациядан өтпөйт. Натыйжада, ар кандай жарыя кастык тилин жана радикалдуу баяндарды заматта күчөтө алган глобалдык чынжырдын бир бөлүгү болуп калат.

Экстремисттик уюмдар өздөрүнүн иш ыкмаларын санариптик платформалардын өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырып, сунуштоо алгоритмдерин, анонимдүүлүктү, визуалдык контентти жана психологиялык таасир этүү ыкмаларын колдонушат.

Ошондуктан ал жерде радикалдашуу процесси байкалбай өтүшү мүмкүн:




• **Идеологиялык экспансия.** Аудио-, видео- жана тексттик материалдар, ошондой эле күзгү сайттар тармагы аркылуу пропаганданы массалык түрдө жайылтуу.

• **Жумушка жалдоо жана мобилизация.** Үгүттөө, психологиялык иштетүү жана оффлайн жолугушууларды же акцияларды координациялоо үчүн жабык топторду жана чаттарды түзүү.

• **Финансылык камсыздоо.** Уюмдардын ишмердүүлүгүнө каражат чогултуу үчүн краудфандингди, анонимдүү электрондук капчыктарды жана криптовалюталарды колдонуу.

Социалдык медиа платформаларындагы үгүт колдонуучулардын психологиялык аялуу жактарын колдонуп, абдан ийкемдүү болот:

• **Эмоционалдык манипуляция.** Социалдык адилетсиздик, диний сезимдер жана жалган ”баатырдык“ пафос темаларын эксплуатациялоо.

• **Вирустук контент.** Тез жайылып, дароо четке кагууну жаратпаган кыска видеолорду, мемдерди колдонуу.


• **Жамынуу.** Радикалдуу идеяларды акырындык менен аң-сезимге сиңирүү үчүн ”агартуучу“, ”кайрымдуулук“ же ”жаңылыктар“ түрүндөгү каналдарды түзүү.

• **Алгоритмдер.** Керектөөчүгө таңууланган көз караштарды тастыктаган бир жактуу маалыматты гана алган ”маалыматтык көбүктөрдү“ түзүү үчүн социалдык медиа платформаларынын/мессенджерлеринин жөндөөлөрүн колдонуу.

Санариптик чөйрөдөгү экстремизмге каршы туруу бүгүнкү күндөгү эң маанилүү милдет болуп саналат, ал радикалдашуу тобокелдиктерин өз убагында аныктоону, онлайн-контентке талдоо жүргүзүүнү, керектөөчүлөр менен өз ара аракеттенүүнү жана жарандарды, биринчи кезекте жаштарды экстремисттик тармактарга жана коомдоштуктарга тартууну алдын алууну камтыйт.

Экстремисттик идеологиянын санариптик платформаларда жайылуу механизмдерин, азгырык ыкмаларын жана профилактикалык таасир этүү жолдорун, адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо принциптерин эске алуу менен санариптик мейкиндикке мониторинг жүргүзүүнүн практикалык аспектилерин системалуу түшүнүү керек.

Санариптик чөйрөдө экстремизмдин жайылышына каршы күрөшүүнүн эффективдүүлүгү үчүн төмөнкү комплекстүү мамилени киргизүү зарыл:




- **Кесипкөй мониторинг.** Деструктивдүү баяндарды эрте аныктоого басым жасоо менен популярдуу платформалардын контенттик бөлүгүнө көзөмөлдү күчөтүү.

- **Өз ара аракеттенүү.** Тармактык байланыштарды жана маалыматтын жайылуу жолдорун талдоо үчүн IT-адистерин, ошондой эле манипуляциялык контентти деконструкциялоо үчүн медиаэксперттерди тартуу.

- **Ой-пикир лидерлери жана администраторлор менен иштөө.** Ар кандай онлайн коомдоштуктардын, топтордун/баракчалардын, пабликтердин/каналдардын администраторлору, модераторлору менен окутуу жана агартуу иштерин жүргүзүү.

- **Санариптик сабаттуулукту өнүктүрүү.** Колдонуучулардын медиа компетенттүүлүгүн (сынчыл ой жүгүртүү, булактарды текшерүү, алгоритмдердин иштөөсүн түшүнүү) тынымсыз жогорулатуу.

### Санарип платформалар аркылуу азгыруу

Экстремисттик уюмдар санариптик мейкиндикти азгыруунун жогорку технологиялык куралы катары колдонушат. Бул процесс этап-этабы менен жана жашыруун түрдө курулуп, кадимки адамдык баарлашуу же жарандык активизм катары жашырылат.

Азгыруу ачык чакырыктардан сейрек баштала т. Мисалы, адилетсиздик, зомбулук же эзүү жөнүндөгү контент-триггер аркылуу эмоционалдык имерүү (өзгөчө аялдарга жана балдарга карата). Бул басынуу сезимине жана "адилеттикти" издөөгө чакырат.

Акыркы убакта "репортаждык" стилдеги тасмалар көп колдонулууда, алар чыныгы окуяларга катышуунун элесин жаратат. Көбүнчө алар "патриоттук" же "агартуучулук" мазмун катары жашырылат. Андан кийин колдонуучулардын комментарийлерин жана активдүүлүгүн байкоо жана талдоо жүргүзүлүп, руханийлик же адилеттүүлүк темасындагы бейтарап баарлашуу аркылуу аялуу жерлери аныкталат. Натыйжада "душмандын" образы калыптанып, үй-бүлөгө жана мамлекетке болгон ишенимди кетирип, зомбулукту нормалдаштырат.

Онлайн чөйрөдөгү экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарды алдын алуу үчүн укук коргоо органдарынын кызматкерлери санариптик компетенттүүлүгүн тынымсыз жогорулатып турушу керек. Социалдык медиа платформаларынын алгоритмдери колдонуучуну радикалдык контентке тереңирээк тартып, кандайча "маалыматтык көбүктөрдү" жаратарын түшүнүү зарыл. Алдын алуучу сүйлөшүүлөрдө жазалоочу тондон качуу керек. Коркутуу жана стигматизация көбүнчө адамга боор тартып "түшүнүүгө" кол сунган радикалдарга түртөт. Ошол эле учурда экстремизмди мыйзамдуу жарандык активдүүлүктөн же диний практикадан так ажырата билүү маанилүү. Сын үчүн жаңылыш куугунтуктоо бийлик институттарына болгон ишенимди кетирет.

Ар бир ишти кылдат документтештирүү өтө маанилүү, анткени мындай талдоо иш ыкмаларын жаңыртып, онлайн коммуникациялардын психологиялык талдоо көндүмдөрүн тынымсыз жогорулатууга мүмкүндүк берет.




**Экстремисттик ишмердикке каршы туруудa жасалма интеллектинин ролу**

2025–2026-жылдар технологияларды укуктук жөнгө салууда бурулуш учур болду. Коңшу өлкөлөрдүн тажрыйбасы, атап айтканда, Казакстан Республикасынын ”Жасалма интеллект жөнүндө“ мыйзамы (2026-ж.) Кыргызстандын практикасында да маанилүү болгон аймактык коопсуздук стандартын белгилейт.

РКнын “Жасалма интеллект жөнүндөгү” мыйзамы Борбор Азияда биринчи жолу системалардын тобокелдик деңгээли боюнча катаал классификациясын киргизди:

- **ЖИнин аныктамасы.** Системанын адамдын когнитивдик функцияларын тууроо жөндөмдүүлүгү, адамдын интеллектуалдык ишмердүүлүгүнө салыштырмалуу же андан ашкан натыйжаларды берет.

- **Чечкиндүү тыюу салуулар** (РКнын Мыйзамынын 17-беренеси). Адамдын жүрүм-турумун бурмалаган же зыяндуу чечимдерди кабыл алууга мажбурлаган аң-сезимсиз жана манипуляциялык ыкмаларды колдонгон системаларга тыюу салынат.

- **Дипфейктерге каршы туруу.** Синтетикалык контентти милдеттүү түрдө белгилөө киргизилген. Бул экстремисттер колдонгон дезинформация менен күрөшүү үчүн өтө маанилүү.

Кыргыз Республикасынын Санариптик кодексинде 23-бапта жасалма интеллект системаларын долбоорлоонун жана колдонуунун негиздери камтылган, алар төмөнкү принциптерде чагылдырылган: тобокелдиктерди азайтуу, ачыктык, түшүндүрмөлүүлүк, тактык жана ишенимдүүлүк, коопсуздук. Кыргызстан ”жумшак жөндөө“ жолун тандады. Мамлекет нейрон тармактарына тыюу салбайт, бирок алардын ээлеринен өзгөчө ”сезимтал“ чөйрөлөрдө ачык-айкындуулукту жана жоопкерчиликти талап кылат.


Экстремизмге каршы туруу контекстиндеги жасалма интеллект - бул эки тарап тең колдоно ала турган ”курал“.

- **Интеллектуалдык мониторинг.** Тармак трафигиндеги аномалияларды автоматтык түрдө аныктоо жана экстремисттик ишмердүүлүктү табуу.


- **Болжолдуу аналитика.** Коркунучтардын өнүгүү сценарийлерин моделдөө жана жеке курамды киберчабуулдар шартында иштөөгө үйрөтүү.

- **Фейктерге каршы күрөшүү.** Синтезделген үндөрдү жана жүздөрдү (дипфейктерди) таануу үчүн жасалма интеллект детекторлорун колдонуу.

**Коркунучтар жана чакырыктар:**



• **Deepfake технологиялары.** Тартипсиздиктерди козутуу үчүн ой-пикир лидерлеринин же саясатчылардын жалган кайрылууларын түзүү.



• **ЖИ-азгыруучулары.** Потенциалдуу курмандыктарды 24/7 режиминде массалык түрдө алгачкы азгыруу үчүн чат-ботторду колдонуу.



• **Пропаганданы автоматташтыруу.** Жөнөкөй спам-фильтрлерди айланып өтүүчү миңдеген уникалдуу тексттерди жана сүрөттөрдү жаратуу.

**Натыйжалуу мониторинг жүргүзүү үчүн аянтчалардын архитектурасын түшүнүү зарыл:**

• **Жабык санариптик системалар.** Толук шифрлөө кармап калууну кыйындатат, коомчулуктун ичинде ыкчам иш алып баруу талап кылынат.

• **Алгоритмдик санариптик системалар.** Ачык сунуштоо алгоритмдери жасалма интеллект системаларына "вирустук" радикалдык тенденцияларды аныктоого мүмкүндүк берет.

• **Жергиликтүү санариптик тармактар.** Модерациянын жоктугунан тез жайылгандыгы администраторлор менен иштөөнү талап кылат.

**Санариптик коопсуздукту күчөтүү боюнча сунуштар:**

• **Технологиялык жабдуу.** Контентти күнүмдүк талдоону автоматташтыруу үчүн машиналык окутуу элементтери бар мониторинг системаларын киргизүү.

• **Глобалдык өнөктөштүк.** Тыюу салынган контентти ыкчам бөгөттөө үчүн Meta, Google жана Telegram администрациялары менен түз байланыш каналдарын түзүү.

• **Маалымат базасы.** Кибер коркунучтардын жаңы түрлөрүн системалаштыруу үчүн улуттук санариптик тобокелдиктер базасын түзүү.

• **Илим менен кызматташуу.** Мамлекеттик тилдеги тексттерди талдоо системаларын иштеп чыгуу үчүн IT-коомчулуктары менен кызматташуу (лингвистикалык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен).

• **Үзгүлтүксүз окутуу.** ИИО кызматкерлеринин алгоритмдердин жана жасалма интеллекттин иштөөсүн түшүнүү жаатындагы квалификациясын жогорулатуу.

Жогорку технологияларды, ийкемдүү укуктук маданиятты жана кадрларды үзгүлтүксүз окутууну айкалыштырбастан экстремизмге каршы натыйжалуу күрөшүү мүмкүн эмес.

# Экстремизмди алдын алуунун методдору жана куралдары

Экстремизмди алдын алуу – бул экстремисттик ишти алдын алууга жана аны пайда кылган себептерди жоюуга багытталган мамлекет тарабынан иштелип чыккан чаралар системасы.

“

***Бул чаралар системасы мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлдеги көп сандаган иш-чараларды камтыйт, алар региондук жана райондук масштабдагы социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүү менен коштолот: экстремизмге каршы мыйзамдарды пропагандалоо, бири-бирине толеранттуу мамиле кылуу жана патриоттуулук рухунда тарбиялоо, ошондой эле калктын радикалдашуу учурларын аныктоо жана бөгөт коюу.***

КРдин ”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ мыйзамы экстремисттик ишти алдын алуу чөйрөсүндөгү ишти камсыз кылууга багытталган укуктук документ болуп саналат. Мисалы, аталган Мыйзамдын 4-беренесинде ага төмөнкүдөй аныктама берилет: **экстремисттик иштин алдын алуу (профилактикалоо)** - экстремисттик иштин пайда болушуна жана жайылышына өбөлгө болуучу себептерди жана шарттарды аныктоо, изилдөө, жоюу боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүргүзүлүүчү укуктук, экономикалык, социалдык, уюштуруучулук, билим берүүчүлүк, тарбиялык, агартуучулук жана башка чаралардын комплекси;




Көрүнүп тургандай, экстремизмге каршы аракеттенүү – бул анын өлкөдөгү деңгээлин төмөндөтүү көз каранды болгон чаралардын системасы. Экстремизмди алдын алууда мамлекеттик органдар туш болгон көйгөйлөргө калктын (жарандык коомдун) укуктук сабаттуулугунун төмөн деңгээли, өлкөдө экстремизмдин келип чыгуу себептерин фундаменталдуу изилдөөлөрдүн жоктугу, маалыматтык-агартуу иштеринин төмөн деңгээли, экстремисттик көз караштарды жана ишенимдерди, өзгөчө диний багыттагы көз караштарды таңуулаган жана колдогон адамдар тарабынан тартылган жаштардын аң-сезимине таасир этүүнүн жетишсиздиги кирет. Ошондуктан экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү жаатындагы мыйзамдарды тынымсыз жаңылап жана өркүндөтүп туруу зарыл.

Учурда экстремизмге каршы аракеттенүүнүн жалпы мамлекеттик системасынын укуктук негизин түзгөн негизги ченемдик актылар болуп төмөнкүлөр саналат:

- эл аралык укуктун ченемдери;
- КРдин Улуттук коопсуздук концепциясы (2021);
- КРдин ”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ мыйзамы (2023);
- КРдин ”Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө“ мыйзамы (2021);
- ”2023-2027-жылдарга КРнын Министрлер Кабинетинин экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасын бекитүү жөнүндө“ КР Министрлер Кабинетинин токтому.

Белгилей кетсек, 2024-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы өзүнүн 77/243 резолюциясында 12-февралды терроризм үчүн азык чөйрөсүн түзгөн зомбулуктуу экстремизмди алдын алуу боюнча эл аралык күн деп жарыялоо жөнүндө чечим кабыл алды. Бул чечим экстремизмдин коркунучтары жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу жана бул кооптуу көрүнүшкө каршы күрөшүү үчүн эл аралык кызматташтыкты чыңдоо зарылдыгына байланыштуу кабыл алынды.

Геймификация экстремисттик уюмдар тарабынан санариптик чөйрөдө колдонулган пропаганданын жана жалдоонун негизги куралдарынын бири болуп калды. Ал видеооюндардан жана онлайн платформалардан элементтерди алууда көрүнөт: ”деңгээлдер“ жана ”жетишкендиктер“ системасы, тапшырмалар, рейтингдер, символикалык сыйлыктар жана жаштар аудиториясына тааныш визуалдык тил. Ушундай механизмдер аркылуу экстремисттик контент идеология же зомбулук катары эмес, ”миссия“, ”оюн“ же өзүн-өзү ишке ашыруунун формасы катары берилет, бул сын көз караштын деңгээлин төмөндөтөт жана реалдуу кесепеттер үчүн жоопкерчилик сезимин жумшартат. Натыйжада, оюнга айландыруу эмоционалдык тартылууну күчөтөт, радикалдуу идеяларды нормалдаштырат жана онлайн колдоодон экстремисттик ишмердикке көмөктөшүүнүн жана катышуунун реалдуу формаларына акырындык менен өтүүнү жеңилдетет, бул аны азыркы санариптик жалдоонун өзгөчө кооптуу формасына айландырат.

Discord, Steam, Twitch оюн жана стриминг платформалары көптөгөн изилдөөлөрдө бейформал баарлашуу, оюн коомдоштуктары аркылуу азгыруу жана ”социалдык жакындашуу“ чөйрөсү катары, өзгөчө жаштар арасында айтылат.

**Жергиликтүү коомдоштуктар менен өз ара аракеттенүү**

Экстремизмге каршы турууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБО) ролу чоң. Калкка эң жакын болгон бул органдар дайыма жергиликтүү кырдаалды изилдеп жана талдап турушат, ар кандай багыттар боюнча өздөрүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү бар.

ЖӨБО бардык жалпы билим берүү мекемелери (мектептер жана колледждер, университеттер жана институттар), ошондой эле белгилүү бир аймакта жайгашкан диний уюмдар (чиркөөлөр, мечиттер, храмдар, диний үйлөр) менен өз ара аракеттенишет.

Алар ошондой эле укук коргоо жана көзөмөл органдары менен өз ара иштешет, бул аларга калктын радикалдашуусу жөнүндө ишенимдүү маалымат алууга жана алар менен биргелешип, экстремисттик жүрүм-турумду токтотууга активдүү катышууга мүмкүндүк берет.

ЖӨБОнун ишмердүүлүгү экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча иштелип чыккан программалардын (пландардын) негизинде жана аларды аткаруу үчүн уюштурулат. Бул программалар экстремизмдин маңызын жана анын жайылыш коркунучун, ошондой эле анын мүмкүн болгон кесепеттерин түшүндүрүү боюнча тиешелүү иш-чараларды камтыйт.

Маалыматтык-идеологиялык иш экстремисттик идеологияны четке кагуу жана кабыл албоого үндөгөн толеранттуу мүнөздөгү роликтерди, фильмдерди, басылмаларды түзүү жана жайылтуу менен байланыштуу.



## ЖӨБ органдары жергиликтүү деңгээлде экстремизмге каршы күрөшүүдө

01 Экстремизмдин алдын алуу боюнча иш-чараларды өткөрүүгө катышат

02 Маалыматтык-агартуу иш-чараларын уюштурушат жана өткөрүшөт

03 Мамлекеттик органдарды экстремизмдин ар кандай көрүнүштөрү тууралуу кабарлашат

ЖӨБО КР Министрлер Кабинетинин 2023-2027-жылдарга карата экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү программасына киргизилген жана республикалык органдар менен биргеликте белгиленген бардык иш-чараларды аткарып жатышат. Бул учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн укуктук негизи болуп ”Экстремисттик ишке каршы аракетенүү жөнүндө“ КРдин Мыйзамынын 6-беренесинин 5-пунктунда каралган төмөнкү ыйгарым укуктар саналат:

- Экстремисттик ишти жалпы алдын алуу, ошондой эле анын көрүнүштөрүнүн кесепеттерин азайтуу жана (же) жоюу боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө катышат;
- Жарандардын экстремисттик ишти кабыл албоосун калыптандыруу максатында, экстремисттик иштин маңызын жана анын коомдук коркунучтуулугун түшүндүрүү боюнча маалыматтык-агартуучулук иш-чараларды уюштурат жана жүргүзөт;
- Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүүнү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар экстремисттик иш жөнүндө өздөрүнө белгилүү болгон маалыматтар жөнүндө, ошондой эле алар жөнүндө маалымат экстремисттик иштин алдын алууга, аныктоого жана бөгөт коюуга, анын кесепеттерин жоюуга жана (же) азайтууга көмөк көрсөтүшү мүмкүн болгон кандай болбосун башка жагдайлар жөнүндө маалымдайт.

Чындыгында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары экстремизмге каршы жергиликтүү деңгээлде аракеттенүүгө чакырылган органдар катары каралышы керек, ошол эле учурда калкты экстремизмден коргоо системасын түзүү боюнча маанилүү кадамдарды жасашат. Ошону менен бирге, ”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ КР Мыйзамынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү көрсөткөндөй, каралган ыйгарым укуктарды ишке ашыруу бир катар кыйынчылыктарга дуушар болууда:

- Иш-чараларды каржылоонун жоктугу же жетишсиздиги (жергиликтүү да, мамлекеттик деңгээлде да каралган эмес);
- Үгүт иштерин жүргүзө ала турган кызматкерлерди системалуу даярдоонун жетишсиздиги;
- Керектүү окуу/агартуу материалдарынын, анын ичинде мультимедиалык продукциялардын жетишсиздиги;
- Профилактикалык милдеттерди ишке ашыруу үчүн кадрлардын жетишсиздиги.

Кылмыштуулуктун деңгээли жана калктын радикалдашуу деңгээли региондо да, ар бир райондук деңгээлде да айырмаланарын белгилей кетүү керек. Ошондой эле, диний мекемелердин курулуш масштабдары да ар түрдүү, алар өздөрүнүн долбоорлорун ишке ашырып, аларга жашы жете электерди жана жаштарды тартышат.

Ошондуктан экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүү боюнча социалдык программалар ушул өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен иштелип чыгышы жана ишке ашырылышы керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көптөгөн жергиликтүү маанидеги маселелерди чечип, өздөрүнүн программаларын ишке ашыруу үчүн өкмөттүк эмес уюмдарды жана жалпыга маалымдоо каражаттарын тартышы керек. Мындай өз ара аракеттенүү этностор аралык, конфессиялар аралык мамилелердин маданияты боюнча иш-чараларды ишке ашыруу, ошондой эле калктын, айрыкча жаштардын радикалдашуу деңгээлин төмөндөтүү жагынан маанилүү. Жаштарды патриоттук тарбиялоо жана согуштук чыр-чатактар аймагынан кайтып келген адамдар менен иштөө да маанилүү багыт болуп саналат.

**Жаштар арасында түшүндүрүү жана алдын алуу иштери**

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Антониу Гутерриш 2018-жылдын 12-апрелинде ”Терроризмге каршы күрөшүү үчүн жаштарга инвестиция салуу“ конференциясында сүйлөп жатып: ”Эгерде биз алдын алуу маселелерине, айрыкча чыр-чатактардын алдын алууга олуттуу мамиле кылсак, анда жаш аялдар жана эркектер менен өз ара иштешүүгө жана аларга инвестиция салууга олуттуу мамиле кылышыбыз керек“ деп белгилеген .


Бул билдирүү жаштар арасында радикалдык көз караштар жана ишенимдер оңой калыптанып, алардын келечекте нааразылык кыймылдарына айланып кетиши менен байланыштуу. Ошондуктан жаштар экстремисттик уюмдардын жана агымдардын катарын активдүү жана тездик менен толуктап жатышат.

Бириккен Улуттар Уюмунун “бардык тиешелүү тараптарды жаштардын конструктивдүү катышуусун жана пикирин эске алууга, терроризмге азыктандыруучу чөйрөнү түзгөн бардык учурларда алардын маргиналдашуусу туруктуу тынчтыкты камсыз кылуу, зомбулуктуу экстремизмди алдын алуунун контекстинде кесепеттерге алып келерин эске алууга чакырган” Жаштар стратегиясына жана Коопсуздук Кеңешинин 2250 (2015) жана 2419 (2018) резолюцияларына ылайык, жаштардын катышуусун камсыз кылуу ишинде БУУнун КТБ (Контртеррористтик башкармасы) Бириккен Улуттар Уюмунун бүткүл тутумунун алкагында жана андан тышкары горизонталдуу жаштар демилгелерин кеңири жайылтууга көмөктөшүүнү, ошондой эле терроризмге азык чөйрөсүн түзгөн бардык учурларда зомбулуктуу экстремизмди алдын алууга жана ага каршы күрөшүүгө багытталган долбоорлорду, стратегияларды жана программаларды иштеп чыгууга жаштардын активдүү конструктивдүү катышуусун колдоону өзүнүн максаты деп билет.

Жаштар арасында алдын алуу иш-чараларын өткөрүү толеранттуулукту сиңирүү аркылуу тарбиялык таасир этүү чаралары аркылуу ишке ашырылат.

Азыркы мезгилде жаштар арасындагы зыяндуу таасир көбүнчө экстремисттик сайттар аркылуу жайылтылууда. Санариптештирүү процесси коомго пайдалуу таасирин тийгизүү менен бирге киберкоркунучтар жана экстремизм менен радикализмдин идеологиясын пропагандалоо куралдарын андан ары өркүндөтүү сыяктуу терс көрүнүштөрдү да алып келет.

Бириккен Улуттар Уюмунун жана Эл аралык электробайланыш союзунун эң жөнөкөй эсептөөлөрү боюнча 2025-жылы дүйнө жүзүндө 6 миллиардга жакын адам интернетти колдонот, бул Жер шарынын калкынын болжол менен 73% түзөт. 15–24 жаштагы жаштар интернетти кыйла көп колдонушат, бул болжол менен 77–82%. Бул маалыматтар жаштар эң активдүү жана байланышта болгон курактык топ экенин чагылдырган глобалдык тенденцияны көрсөтөт.




Кыргызстанда 2025-жылы интернетти 6,4–6,5 миллион адам колдонгон, бул өлкөнүн калкынын болжол менен 88–89% түзөт. Алардын 60% ашыгы 14 жаштан 35 жашка чейинки жаштар. Буга байланыштуу ар кандай сайттарды коргоо жана коопсуз пайдалануу механизмдерин түзүү (алардын жеткиликтүүлүгүн жашы жете электер үчүн чектөө) зарыл.

Ошондуктан экстремизмди алдын алуу жаш адамды өмүр бою тарбиялоо аспектисине багытталып курулушу керек. Бул профилактиканын субъектилери катары ата-энелердин, билим берүү мекемелеринин, жаштар менен иштеген коомдук бирикмелердин жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусун билдирет. Жаштардын бош убактысын өнүктүрүүгө жана алардын коомдо болуп жаткан процесстерди туура түшүнүүсүнө көмөктөшүүгө чакырылган мамлекеттик органдардын, муниципалдык органдардын жана коомдук бирикмелердин биргелешкен аракеттери менен гана оң натыйжаларга жетишүүгө болот.

Аймактык белгилери боюнча же кандайдыр бир жалпы кызыкчылыктары боюнча бириккен бейформал жаштар топтору менен тынымсыз иштөө талап кылынат.

Жаштар арасындагы экстремизмдин көрүнүштөрү өзгөчө тынчсызданууну жаратат, анткени дал ушул курактык топ радикалдуу маанайдагы адамдардын жана экстремисттик уюмдардын деструктивдүү маалыматтык-психологиялык таасирине эң алсыз болот.

Буга инсандын калыптануу процесси аягына чыга электиги, өз алдынча жашоо тажрыйбасынын аздыгы, ошондой эле жаштык максимализм жана чыдамсыздык, дүйнө таанымдын өзгөрүлмөлүү мүнөзү жана өзүн-өзү таануудагы проблемалары таасир этет.

Социалдык-экономикалык кыйынчылыктар жаштардын бир бөлүгүндө фрустрациянын, жашоо ориентирлерин жоготууга жана мотивациялык белгисиздиктин пайда болушуна өбөлгө түзөт. Жаштар туш болгон көйгөйлөрдүн негизги топтому конфликттүү мамилелер чөйрөсүндө, биринчи кезекте коомдо, социалдаштыруунун негизги институттары менен болгон мамиледе жатат.

Тарбиялык таасирдин жетишсиздиги, билим берүү деңгээлинин төмөндүгү, маданий өнүгүүнүн жоктугу, адеп-ахлактык позициялардын алсырашы жана моралдык ченемдердин бүдөмүктөшү, ошондой эле зарыл болгон турмуштук тажрыйбанын жоктугу шарттарында девианттык жүрүм-турумдун, анын ичинде экстремисттик багыттагы кылмыштарды жасоого аралашуу коркунучу жогорулайт.

Жаштар уюшкан кылмыштуулукка тартуу үчүн ыңгайлуу категория болуп саналат. Ошондуктан укук коргоо органдары мындай адамдарды аныктоо жана аларды мындай топтордон чыгаруу боюнча активдүү иштерди жүргүзүүдө. Аларга көбүнчө жашоо шарты начар үй-бүлөлөрдөн чыккан, кирешеси төмөн, билими жетишсиз адамдар түшөрү белгилүү. Өспүрүмдөр жашаган турмуш шарты начар үй-бүлөлөрдү, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук жана алардын мүчөлөрүнүн агрессивдүү жүрүм-туруму өкүм сүргөн үй-бүлөлөрдү каттоого алуу боюнча ички иштер органдарынын кызматкерлеринин иштери абдан маанилүү.

Эреже катары, бул шарттарда өспүрүмдүн үй-бүлөсү менен байланышы үзүлүп, акыр аягы маргиналдык үй-бүлөгө кетет. Социалдык жагынан жакшы корголбогондук абалы

пайда болот. Бул аларды экстремисттик чөйрөгө тартуу жана кылмыштуу аракеттерде пайдалануу үчүн негиз болушу мүмкүн.

ЖОЖдор экстремисттик ишмердикке каршы туруу боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча өзүнчө аянтчага айланышы керек. Так ушул ЖОЖдордо инсандын дүйнө таанымын калыптандыруу процесстери өтүшү керек. Студенттер үчүн психологиялык жеңилдетүү кабинеттерин түзүү да маанилүү орунду ээлейт.

Жаштар арасында улут аралык жана диний кастыкты козутууга багытталган ар кандай флешмоб технологиялары да колдонулууда. Идеологияны манипуляциялоо жаштарды радикалдаштыруунун эски жана кыйла натыйжалуу куралы болуп саналат.

Жаштар арасында экстремизмди алдын алуу процессинде мамлекеттин уюштуруучулук ролунун маанисин белгилей кетүү керек. Бул жаштар менен идеологиялык иш алып баруу боюнча мамлекеттик программаларды кабыл алууда да, экстремисттик мүнөздөгү аракеттерди жасоого түрткү берүүчү шарттарды жана себептерди жоюу боюнча конкреттүү иш-чараларды иштеп чыгууда да көрүнүшү мүмкүн.

Албетте, экстремисттик иштин көрүнүштөрү жашырылбашы керек, анткени, биринчиден, биздин маалыматтык доордо мындай окуяларды жашыруу дээрлик мүмкүн эмес, экинчиден, расмий маалымат жок болгон учурда алар бурмаланып чечмелениши мүмкүн. Бирок туура уюштурулган укуктук пропаганда мындай милдетти толук аткара алат.

Жаштарды ар кандай социалдык программаларды ишке ашырууга тартуу процесси да маанилүү (майыптарга жардам берүү, карыларга кам көрүү, балдар үйлөрүнө баруу ж.б.). Булар өлкөнүн айрым категориядагы жарандарынын жашоосунун кыйынчылыктарын көрүүгө жана түшүнүүгө жардам берүүгө багытталган. Бул оор турмуштук кырдаалга кабылган адамдарга карата толеранттуу жана сабырдуу мамилени калыптандырууга жардам берет. Жаштардын маданий өнүгүү деңгээлин жогорулатуу боюнча иштер да абдан маанилүү (жаратылышка аяр мамиле кылуу).

Мамлекеттик органдар менен диний уюмдардын өз ара аракеттенүүсү жаштардын башка өлкөлөргө окууга баруу процессин жөнгө салуу, аларды экстремисттик уюмдарга азгырууну жана өтүп кетүүсүн болтурбоо максатында маанилүү.

Жаштар менен экстремизмди алдын алуу боюнча гана эмес, ар кандай кылмыштарды алдын алуу боюнча иштөөнүн маанисин эске алуу менен, бул маселе КР Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №570 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясында чагылдырылган. Анда жаштардын кылмыш жасоого, уюшкан кылмыштуулуктун ишмердүүлүгүнө жана алардын криминалдык дүйнөнүн идеяларына берилгендиги барган сайын көбөйүп жатканы белгиленген. Ошондой эле Концепцияда ички коркунучтардын бири катары ”социалдык түйүндөрдө жана мессенджерлерде бузукулук иштин активдешүүсү, анын ичинде билип туруп жалган жана анык эмес маалыматты жайылтуу, террористтик жана экстремисттик мүнөздөгү материалдарды жайгаштыруу жана экстремисттик, террористтик уюмдардын катарына кошулуу чакырыктары, массалык баш аламандыктарга жана каршылык акцияларына чакырыктар, жашоонун криминалдык мүнөзүн, суицидди пропагандалоо, баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды колдонуу жана биринчи кезекте жаш муунга терс таасирин тийгизүүчү укукка каршы башка маалыматтар“ көрсөтүлгөн.

Демек, бул көйгөйдү чечүүнүн маанисин түшүнүү менен, Улуттук коопсуздук концепциясында Кыргыз Республикасындагы, Борбордук Азия регионундагы жана дүйнөдөгү кырдаалдын орто мөөнөттүү жана узак

мөөнөттүү өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен өлкөнүн азыркы этаптагы улуттук кызыкчылыктарынын бири болуп ”жарандарды, өзгөчө жаш муундарды криминалдык чөйрөгө, террористтик жана экстремисттик уюмдарга тартууга каршы туруу“ саналат.

Жаштарды экстремисттик уюмдарга тартуу маселесин андан ары ачып көрсөтүү менен, Концепцияда мындай деп көрсөтүлөт: ”Жаштардын арасында, көп учурда чет өлкөлүк диний билим берүү мекемелерине ар кандай жолдор менен эч контролсуз кетип жаткан адамдардын туруктуу өсүшү катуу тынчсызданууну жаратууда. Алардын айрымдары экстремисттик уюмдардын ишине тартылууда. Кыргызстанга кайтып келүү менен алар бөтөн идеологияны жана саясатты жайылтуучу жана диний үгүттөөчү болуп калышат. Экстремисттик диний уюмдар негизинен жаштарга жана аялдарга багытталууда, алар коомдук туруктуулук жана коопсуздук, коомдун руханий турмушуна жана салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктар үчүн бүлүндүрүүчү болуп саналат“.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын аймагында терроризмдин жана экстремизмдин жайылышын алдын алуу максатында Улуттук коопсуздук концепциясында төмөнкү милдетти чечүү зарылдыгы каралган: диний радикализмдин, экстремизмдин жана сепаратизмдин көрүнүштөрүн биринчи кезекте жаштар чөйрөсүндө аныктоо жана бөгөт коюу.

”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бул чөйрөдө жаштар арасында түшүндүрүү жана алдын алуу иштерин жүргүзүү маселеси көңүл сыртында калган эмес. Атап айтканда, аталган Мыйзамдын 8-беренесинде мамлекеттик аткаруу органдарына өз компетенциясынын чегинде билим берүү уюмдарында, жаштар чөйрөсүндө экстремисттик иштин жайылышынын алдын алуу; жаштарды толеранттуу дүйнө таанымына, алардын улутуна, динине, социалдык, мүлктүк абалына жана башка жагдайларга карабастан бардык адамдарга сабырдуу мамилеге жасоого тарбиялоо; окуучулардын экстремисттик ишти кабыл албоосун калыптандырууга багытталган, жаштардын экстремисттик ишке аң-сезимдүү каршы туруусуна түрткү берүүчү программалардын ишке ашырылышын камсыз кылуу жүктөлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-2027-жылдарга экстремизмди жана терроризмди алдын алуу боюнча программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планына ылайык, экстремизмдин жана терроризмди алдын алуу жана профилактикалоо боюнча билим берүүчү жана агартуучу иш-чараларды өткөрүү милдеттердин бири болуп белгиленген, анын алкагында укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн жана эксперттердин катышуусунда жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн экстремизмге жана терроризмге каршы туруу боюнча маалыматтык акцияларды, лекцияларды, семинарларды жана жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү сыяктуу чаралар каралган.

Ошондой эле иш-чаралар планында ар кандай социалдык топтор (диний жамааттар жана уюмдар, этникалык коомдоштуктар, жаштар жана башкалар) менен профилактикалык иштерди жүргүзүү милдети коюлган.

Бул милдеттин алкагында төмөнкүдөй иш-чаралар көрсөтүлгөн: жаштардын өкүлдөрүнүн арасында экстремизмге жана терроризмге каршы туруу маселелери боюнча ар кандай форматтагы профилактикалык кеңири жана өзүнчө иш-чаралардын алкагында жолугушууларды, маалыматтык-билим берүү лекцияларын, семинарларды жана тренингдерди өткөрүү.

Планда коюлган чараларды ишке ашыруунун жыйынтыгы боюнча күтүлүүчү натыйжа катары ЖОЖдордо жетиштүү сандагы иш-чараларды өткөрүү каралган, анын натыйжасында жаштарда экстремизмге жана

терроризмге каршы туруктуу сезими калыптанат жана окуучуларда экстремизмдин жана терроризмдин идеяларына сынчыл көз караш иштелип чыгат.

### Экстремизмге каршы аракеттенүүдө медианын ролун чагылдыруу

Экстремизмди алдын алууда маанилүү ролдордун бири жалпыга маалымдоо каражаттарына таандык, анткени алар коомдо идеологияны калыптандырат. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-2027-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча кабыл алынган Программасында ЖМК менен иштөө жөнүндө бөлүм камтылган. Бул программа төмөнкү жоболорду ишке ашырууну карайт: "4.4. Маалыматтык саясат жана жалпыга маалымдоо каражаттары жана медиауюмдар менен өз ара аракеттенүү".

Бул Программаны ишке ашыруудагы маанилүү аспект болуп ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын менчик формасына карабастан медиауюмдар (редакциялар) менен өз ара аракеттенүүсү. Бул иш төмөнкү негизги багыттарга ээ:

- Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу органдардын методикалык колдоосунда жана башка мамлекеттик ведомстволор менен тыгыз өз ара аракеттенүүсүндө маалымат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эгидасында иштелип чыгуучу медиа-план түрүндө түзүлүүчү жана ишке ашырылуучу экстремизмди жана терроризмди алдын алуу жана профилактикалоо боюнча маалыматтык саясатты иштеп чыгуу жана жүргүзүү;
- Медиаплан экстремисттик жана террористтик мүнөздөгү коркунучтарды түшүндүрүүгө жана алдын алууга багытталган ар кандай форматтагы иш-чараларды камтыйт;
- Менчигинин түрүнө карабастан медиауюмдардын (редакциялардын), анын ичинде ушул чөйрөдө адистешкен медиа коомдоштуктун эксперттеринин өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү жана мамлекеттин маалыматтык саясатын ишке ашырууга тартуу;
- Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү проблемаларын чагылдыруу чөйрөсүндө журналисттерди жана адистерди даярдоо. Коомдук пикирге байкаларлык таасир эткен социалдык медиа, мессенджерлер жана активдүү колдонуучулар маалыматтык саясатты илгерилетүүдө өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда.

Маалыматтык саясаттагы маанилүү аспект болуп экстремизмге жана терроризмге каршы туруу маселелерин объективдүү, туура чагылдыруу, бул иш-аракетке тиешеси бар адамдарды "баатырлаштырууга", этникалык жана диний негизде басмырлоого жол бербөө саналат.

Мамлекеттик органдардын медиауюмдар (редакциялар) менен менчик формасына карабастан өз ара аракеттенүүсү экстремизмге жана терроризмге каршы турууда орчундуу мааниге ээ жана бул чөйрөнү иш-чараларда белгиленген конкреттүү милдеттер жана максаттар менен өзүнчө багытка бөлүүнү талап кылат.

ЖМКнын экстремизмди алдын алууга мындай катышуусу биздин республикада биринчи жолу мыйзамдуу түрдө каралган. Ошондой эле коомдогу баалуулук багытын өзгөрүп жаткан окуялар ар кандай чет элдик, ошондой эле ички экстремисттик, анын ичинде диний уюмдардын жана агымдардын таасири астында калганын эске алуу менен маанилүү, алар өз катарын толуктоо максатында идеологиялык күрөшкө активдүү киришти. Алар тарабынан мамлекеттик түзүлүштү сындап, мыйзамдарды жана конституцияны четке кагуу, зомбулукту жана фанатизмди таңуулоо аракеттери мамлекеттик башка-

руунун алсырашына алып келет. Көп учурда “Светтик мамлекет” деген конституциялык түшүнүккө бул кандай туура келет“ деген жүйөлүү суроо туулат. Ошондуктан конституциялык ченемдерди, анын ичинде адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен милдеттерин дайыма жарыялап жана чечмелеп туруу зарыл.



Демек, ЖМКлар экстремизмди коомго коркунучтуу, юридикалык жоопкерчиликке алып келүүчү кылмыш катары чагылдыруу аркылуу экстремизмди алдын алуунун маанилүү субъектиси болуп чыгышы керек. Мында ЖМК кызматкерлери экстремисттик ишмердикти алдын алуу боюнча мыйзамдуу түрдө түзүлгөн чаралар системасы кандай иштээрин билиши керек. Ал жөнүндө КРдин ”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ мыйзамында жана КР Министрлер Кабинети тарабынан бул маселе боюнча кабыл алынган бир катар ченемдик актыларда баяндалган.

ЖМКнын негизги милдети – экстремизмге карата терс коомдук пикирди, тактап айтканда, экстремисттик көз караштарды жана ишенимдерди, адамдардын коомдогу экстремисттик жүрүм-турумунун, зомбулуктун жана радикализмдин, ксенофобиянын жана экстремизмдин жеке же топтук көрүнүштөрүнүн бардык түрлөрүн кабыл албоо боюнча туруктуу көз караштарды калыптандыруу.

Социалдык медиа платформалары жана колдонуучулар калк менен байланыш функциясын аткаруу менен маалыматты көбөйтүп, адамдардын, өзгөчө жаштардын жүрүм-турумуна таасир этет. Ошондуктан, ар кандай маалыматты, анын ичинде санариптик мейкиндикте жөнөкөй жайылтууну да ойлонуштуруп, мыйзам ченемдерин негиздөө керек. Эгерде маалыматта экстремисттик же террористтик идеология бар болсо, ар кандай репосттор дагы жоопкерчиликке алып келет.

Бул жагдайга байланыштуу мамлекет маалыматтык технологиялар чөйрөсүндө экстремизмге каршы туруу системасын түзүүгө аргасыз.  Укук коргоо органдары азыркы учурда киберкылмыштуулукка каршы туруу, анын ичинде социалдык медиа платформаларын колдонуу менен бул ишке бөгөт коюу милдетин коюуда.

Жаңы санариптик медиа, анын ичинде санариптик контенттин авторлору социалдык жана башка чыр-чатактарды чечүүнүн ийгиликтүү тажрыйбаларын чагылдыруу үчүн аянтчаларды түзүү аркылуу өз салымдарын кошо алышат (сурамжылоолор, жакшы тажрыйбаны чагылдыруу, диалогго чакыруу ж.б.).

Ошондуктан, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын экстремизмдин жайылышына каршы туруу маселелеринде ЖМК менен өз ара аракеттенүүсү адамдын укуктарын жана эркиндиктерин бузбастан, калкка чындыкка дал келген жана объективдүү маалымат жеткирүү жолу менен эффект бериши мүмкүн.

# Экстремизмдин алдын алуу чөйрөсүндөгү практикалык сунуштар

Министрлер Кабинетинин 2023–2027-жылдарга карата программасына ылайык, укук коргоо органдарынын стратегиясы жазалоо чараларынан алдын алуучу өнөктөштүккө өтүүгө негизделген. Бул радикалдашуу психологиясын терең түшүнүүнү жана инклюзивдик иш ыкмаларын киргизүүнү талап кылат.

> ***БУУнун Глобалдык контртеррористтик стратегиясын эске алуу менен ИИО негизги көңүлдү ”сырткы атрибуттардан“ радикалдашууга шарт түзгөн жана экстремизмдин жайылышына өбөлгө түзгөн жүрүм-турумдук индикаторлорго жана шарттарга бурушу керек.***

• **Тобокелдиктерди көп факторлуу талдоо.** БУУнун сунуштарына ылайык, радикалдашуу идеологиянын эле таасири гана эмес, ошондой эле социалдык адилетсиздик, системдүү коррупция, сот адилеттигинин жоктугу, жалдоочулар тараптан боорго тартуу, так жашоо максатын же материалдык пайданы сунуштоо сыяктуу факторлордун таасиринин натыйжасы.

• **Санариптик гигиена.** Идентификациялоо ыкмалары социалдык медиадагы ”эхо-камераларга“ мониторинг жүргүзүүнү камтышы керек. Бул платформалардын алгоритмдери колдонуучунун радикалдуу көз караштарын бекемдеп, альтернативдүү ой-пикирлерди четке каккан жабык санариптик мейкиндиктер. Кызматкерлер жөн гана тыюу салынган контентти эмес, жабык топтордогу психологиялык иштетүү механизмдерин аныкташы керек.

• **Гендердик багытталган мамиле.** (БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 резолюциясы). ИИОнун ишинде төмөнкү аспектилер эске алынышы керек. Бир жагынан аялдар жалдоонун объектиси болуп калат, экинчи жагынан алар жамааттардын/үй чарбалардын ичиндеги алгачкы радикалдашуудан эң эффективдүү ”сактагычтар“ болуп саналат. Профилактика аялдардын өз жамааттарындагы ой-пикирлер лидери катары мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө тийиш.

## Профилактикалык иш-чараларды жүргүзүүнүн методикасы

Фундаменталдык принцип: ишеним коопсуздуктун негизи болуп саналат. Эгерде калк ички иштер органдарынын кызматкерин коркунуч катары кабыл алса, анда кандайдыр бир профилактикалык чаралар натыйжасыз болуп, жашыруун радикалдашуу коркунучу жогорулайт.

• **”Коомдоштуктун өнөктөшү“ моделине өтүү.** ИИОнун кызматкери формалдуу отчетторду жана ”кагаз бетиндеги“ лекцияларды окуу практикасынан алыстаашы керек. Интерактивдүү форматтарды колдонуу сунушталат: сторителлинг, дебаттар, аудиторияны эске алуу менен реалдуу кейстерди талдоо.

• **Диалогду институционалдаштыруу.** Коомдук консультативдик кеңештерди колдоо, анын ичинде коомчулуктун өкүлдөрү, жаштар уюмдарынын лидерлери жана аялдар кеңештери. Мындай өз ара аракеттенүү жергиликтүү чыр-чатактарды алардын баштапкы стадиясында аныктоого мүмкүндүк берет.

• **Инклюзивдүүлүк жана азчылыктардын укуктарын коргоо.** Профилактика айрым этникалык же диний топторду стигматизациялоого айланбашы керек. Эл аралык практика баса белгилейт: улуту боюнча маргиналдаштыруу радикалдашуу коркунучунун жогорулашынын түздөн-түз фактору болуп саналат. ИИОнун ишмердиги бардык жарандардын мыйзам алдында теңдигин көрсөтүшү, азчылыктардын укуктарын эске алышы жана инклюзивдүүлүк принциптерине негизделиши керек, бул калктын ишенимин бекемдейт жана укук коргоо органдарынын мыйзамдуулугун жогорулатат.

• **Билим берүү альянсы жана сынчыл ой жүгүртүү.** Иш-чаралар планынын алкагында Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги менен биргеликте ички иштер органдары калк арасында медиа сабаттуулук жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү программаларын киргизүүгө активдүү көмөктөшүшү керек. Тажрыйба көрсөткөндөй, экстремисттик идеологияларга туруктуулуктун негизги фактору жарандардын маалымат булактарын өз алдынча текшерүү, манипуляциялык ыкмаларды аныктоо жана контентке сын көз менен талдоо жүргүзүү жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Мындай ыкма пропагандага алсыздыкты азайтып гана тим болбостон, активдүү жарандык позицияны бекемдейт, профилактикалык иш-чаралардын жалпы натыйжалуулугун жогорулатат.

• **Жекече алдын алуу боюнча практикалык сунуштар.** Жекече баарлашууну өткөрүүдө же эскертүү берүүдө пропорционалдуулук принцибин катуу сактоо керек: алар жаза катары эмес, оңолууга мүмкүнчүлүк катары кабыл алынышы керек. Процедура мүмкүн болушунча ачык-айкын болушу керек: адам кайсы аракеттер мыйзамды бузуп жатканын жана кандай укуктук кесепеттер каралганын так түшүнүшү керек. Мындай ыкма адилетсиздик сезиминин пайда болуу коркунучун азайтат, бийлик органдарына болгон ишенимди бекемдейт жана жеке деңгээлде профилактикалык чаралардын натыйжалуулугун жогорулатат.

• **“Кайтып келгендерди” коштоо.** Өзгөчө көңүлдү ”кайтып келгендерди“, анын ичинде өз алдынча кайтып келгендерди, ошондой эле алардын үй-бүлөлөрүн коштоого буруу керек. Алдын алуу иштеринин натыйжалуу болушу үчүн жүрүм-турумду көзөмөлдөө гана эмес, социалдык байланыштарды жана коомго болгон ишенимди калыбына келтирүүгө багытталган социалдык реинтеграция ыкмаларын колдонуу керек. Бул социалдык кызматтарды, билим берүү жана кесиптик колдоону, ошондой эле квалификациялуу психологиялык жардамды алууга көмөктөшүүнү камтыйт. Тажрыйба көрсөткөндөй, комплекстүү реинтеграция кайталануу ыктымалдыгын төмөндөтөт жана мамлекеттик институттарга болгон таарынычтын деңгээлин азайтат.

• **Натыйжалуулук критерийлери.** Экстремизмди алдын алуунун натыйжалуулугу өткөрүлгөн лекциялардын саны менен эмес, калктын укук коргоо органдарына болгон ишеним деңгээли жана коомчулуктун деструктивдүү идеологияларга өз алдынча каршы туруу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Талдоо көрсөткөндөй, ийгиликтүү алдын алуу программалары радикалдашууга каршы активдүү позициясы бар туруктуу коомчулукту түзөт жана экстремизмди жаңы көрүнүштөрүнүн тобокелдиктерин азайтат.

# Тиркемелер.

## ОНЛАЙН РЕСУРСТАРДЫН ТИЗМЕСИ

КР ИИМ, алдын алуу контенти

КРда тыюу салынган уюмдардын жана материалдардын реестри

ЖККУга мүчө мамлекеттерде террористтик жана экстремисттик деп таанылган уюмдардын тизмеси

”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ мыйзам

Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясы

КР Министрлер Кабинетинин 2023-2027-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасы

Терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө Шанхай конвенциясы

Колдонмо. Чыр-чатак аймактарынан кайтып келген балдарды репатриациялоону жана реинтеграциялоону чагылдыруу үчүн этикалык стандарттар

Колдонмо. Кастык тилинен зомбулуксуз коммуникацияга

Талдоо. Репатрианттарды реабилитациялоо жана реинтеграциялоо

Изилдөө. Репатрианттарды социалдык реинтеграциялоодогу тоскоолдуктарды изилдөө

Терроризмге жана экстремизмге байланыштуу кылмыш иштерин соттор тарабынан кароо

Экстремизмге каршы туруу да медианын ролу

БУУнун террорчулукка каршы глобалдык стратегиясы

# Глоссарий

**Зомблуктуу экстремизми** - белгилүү бир ишенимдерге ылайык зомбулукту тутандырган жана ага үндөгөн көз караштарды жайылтуу, ошондой эле коомдоштуктар арасында зомбулукка алып келиши мүмкүн болгон жек көрүүчүлүктү кубаттоо. (Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму)

**Зомбулуктуу экстремизмди геймификациялоо** — зомбулук актыларын жасоого радикалдаштыруу, азгырып жалдоо, окутуу жана шыктандыруу үчүн оюн дизайнынын элементтерин, видеооюндардын эстетикасын жана санариптик оюн механикасын оюнга тиешеси жок контексттерде максаттуу пайдалануу. (БУУнун Коопсуздук Кеңешинин Контртеррористтик комитети)

**Диний насаатчы** - тиешелүү диний уюмдардын борбордук башкаруу органынын макулдугу менен ар кандай ыкмалар аркылуу (анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары (анын ичинде ЖМК) жана Интернет тармагы аркылуу) динди жайылтуу менен алектенген диний ишмер, белгиленген тартипте эсептик каттоодон өткөн жаран. (КР “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” Мыйзамы)

**Диний уюм** – диний ишти биргелешип жүзөгө ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан ыктыярдуу негизде түзүлгөн, уставдын негизинде иштөөчү жана белгиленген тартипте эсептик каттоодон өткөн диний бирикменин уюштуруу-укуктук формасы. ( “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” КРдин Мыйзамы)

**Диний экстремизм** — экстремизмдин бир түрү, ал эркиндик, демократия, адам укуктарын урматтоо жана мыйзам үстөмдүгү принциптерин четке кагып, диний догмаларды катаал жана сабырсыздык менен чечмелөөгө негизделет. (ЕКПА)

**Дипфейк** – бар адамдар, объекттер, кубулуштар же окуялар менен олуттуу окшоштуктарды көрсөтүүчү жана жеке адамдарда мындай сүрөттөлүштөрдүн же материалдардын аныктыгы жөнүндө жалган таасир калтырууга жөндөмдүү сүрөттөлүштөрдү же аудио-, видеоматериалдарды түзүү же өзгөртүү; (КР Санариптик кодекси).

**Жеке дайындар** - жеке мүнөздөгү маалыматты камтыган санарип дайындары. (КР Санариптик кодекси)

**ЖМК** – туруктуу аталышы бар мезгилдүү басылма, телеканал, радиоканал, аудио-, видеопрограмма, кинохроникалык программа, тармактык басылма жана жалпыга маалымдоону мезгилдүү жайылтуунун башка формасы. (КР ”ЖМК жөнүндө“ мыйзамы)

**Журналист** - ЖМК үчүн маалыматтарды чогултуу, талдоо, редакциялоо, даярдоо жана жайылтуу менен алектенген чыгармачыл кызматкер. (КР ”ЖМК жөнүндө“ мыйзамы)

**Коомдук кызыкчылык** – мамлекеттин иштеши, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат адамдарынын жана коомдук ишмерлердин ишмердүүлүгү, саясат, саламаттык сактоо, билим берүү жана калктын коопсуздугун камсыздоо, укук колдонуу жана сот адилеттигин ишке ашыруу, адам укуктарын коргоо, керектөөчүлүк жана социалдык кызыкчылыктар, айлана-чөйрө, экономикалык маселелер, бийлик жүргүзүү, искусство жана маданият, дин, ошондой эле адамдардын кеңири чөйрөсүнүн кызыкчылыгын козгогон же таасири тийген башка маселелер тууралуу маалымат алууда аныкталбаган адамдардын муктаждыгы. (КР ”ЖМК жөнүндө“ мыйзамы)

**Ксенофобия** - кандайдыр бир коомчулук үчүн аларды бөтөн же чет элдик катары кабыл алуунун негизинде адамдарды четке каккан, басмырлаган жана көбүнчө жаманатты кылган көз караштар, ырым-жырымдар жана жүрүм-турум. (БУУнун адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы)

**Маалымат** – санарип дайындарынын, санарип жазмаларынын адамдын кабыл алуусу үчүн түздөн-түз жеткиликтүү болгон мазмуну (контенти). (КР Санариптик кодекси)

**Метадайындар** – санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин кандай болбосун санарип объекттерин аларды идентификациялоо, издөө жана башкаруу үчүн мүнөздөөчү түзүмдөштүрүлгөн санарип дайындары. (КР Санариптик кодекси)

**Пайдалануучу** – санарип жазмаларына, санарип ресурстарына, санарип сервистерине же технологиялык тутумдарга жеткиликтүүлүктү сурап алуучу же жүзөгө ашыруучу санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти. (КР Санариптик кодекси)

**Сайт** - интернетте домендик аталышты же даректи колдонуу менен аныкталуучу санарип ресурсу. (КР Санариптик кодекси)

**Санарип ресурсунун ээси** – ушундай санарип ресурсун өз алдынча же башка жактар менен биргеликте түзгөн же мыйзамдын же келишимдин негизинде санарип ресурсуна жетүүгө уруксат берүү же чектөө укугун алган санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти. (КР Санариптик кодекси)

**Санариптик чөйрө** – санариптик түзүлүштөрдү колдонуу менен санариптик маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча коомдук мамилелердин аймактык чектери жок системасы. (КР Санариптик кодекси)

**Секта** – диний агым (жамаат), кандайдыр бир динден, негизги диний окуудан бөлүнүп чыгып, аны менен макул болбогон, коомдун кызыкчылыктарына кайдыгер жана карама-каршы келген диний агым. (КР ”Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө“ мыйзамы)

**Социалдык медиа** – виртуалдык жамааттардын жана тармактардын ичинде контентти (идеяларды, кызыкчылыктарды жана өзүн-өзү көрсөтүүнүн башка формаларын) түзүүгө, алмашууга жана топтоого көмөктөшүүчү жаңы медиатехнологиялар. Колдонуучулар бул жерде жөн гана керектөөчүлөр эмес, ошондой эле авторлоштор болуп саналат. (ЮНЕСКО)

**Тармактуу басылма** – туруктуу аталышы бар жалпыга жеткиликтүү маалыматтык-телекоммуникациялык Интернет түйүндөрү аркылуу массалык маалыматты электрондук-санарип формасында жайылтуу үчүн багытталган электрондук басылма түрүндө маалымат жайылтуу формасы. (КР ”ЖМК жөнүндө“ мыйзамы)

**Эскертме** – экстремисттик багыттагы кылмыштардын белгилери жок болгондо экстремисттик ишке каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын юридикалык жактарга жана башка уюмдарга карата чыгарылуучу, экстремисттик материалдарды жайылтуунун жана экстремисттик ишти жүргүзүүнүн жол берилбестигин көрсөтүүчү расмий документ. Эскертменин формасы жана аны чыгаруунун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет. (“Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” КРдин Мыйзамы)

**Экстремизм** – саясий, социалдык, расалык, улуттук жана диний чыр-чатактарды зомбулук жана башка конституцияга каршы аракеттер аркылуу чечүүгө багытталган идеология жана практика. (Шанхай Кызматташтык Уюмунун экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча конвенциясы)

**Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү боюнча ведомстволор аралык комиссия** - коллегиалдуу консультативдик-кеңешүүчү орган болуп саналат, ал экстремисттик ишке натыйжалуу каршы аракеттенүү үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу жана ишин өркүндөтүү боюнча чечимдерди кабыл алат. (КР ”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ мыйзамы)

**Экстремисттик уюмдун атрибуту жана символу** – кстремисттик ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу сот аны жоюу же анын ишине тыюу салуу жөнүндө чечим чыгарган уюмдун атрибуту жана символу. Экстремисттик уюмдун атрибутун жана символун илимий-изилдөө максатында гана пайдаланууга жол берилет.
(КР ”Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө“ Мыйзамы)

**Экстремисттик уюм** – экстремисттик ишти жүзөгө ашыруу максаты менен уюшулган топ; экстремисттик ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу жоюу жана (же) ишине тыюу салуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын сотунун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими кабыл алынган юридикалык жак же болбосо башка уюм; (КР “Экстремисттик иш-аракеттерге каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамы)